№99 (3548)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2023-жылдын
15-декабры

www.erkin-too.kg

# БАТКЕНДЕ БИР ЖЫЛДА 43 ИРИ ОБЪЕКТ КУРУЛУП, ПАЙДАЛАНУУГА БЕРИЛДИ



2-БЕТТЕ

ПРЕЗИДЕНТ АЙТТЫ, ПРЕЗИДЕНТ АТКАРДЫ
www.erkin-too.kg

# МЫНДАЙ ЧУКУЛ БУРУЛУШ, ИРИ КУРУЛУШТАР БУГА ЧЕЙИН БАТКЕН ЧӨЛКӨМҮНДӨ БОЛГОН ЭМЕС

***Президент Садыр Жапаровдо тыным жок. Чет мамлекеттерге күн алыс жасаган иш сапарларын эске албаганда да ишемби, жекшемби дебей эл аралап, "Элибизди жакырчылыктан чыгаралы, өлкөбүздү өнүктүрөлү" деп, бирде салык саясатын түшүндүрүп Дордойго барса, эртеси эле өлкөнүн аймактарын кыдырып, элдин нукура жашоосу менен таанышып жүргөнүн көрөсүң.***
***Өлкө башчысынын бул жолку сапары Баткенде өттү. Самолёттон түшөрү менен эле чек ара жаңжалдарында толук кыйрап калган Ак-Сай, Самаркандек аймактарындагы айылдар менен таанышты. Эске сала кетсек, жаңжалдан кийин кыйрап калган үйлөр, социалдык объектилер, короо-сарайлар, мектептер, маданий мекемелер бардыгы жаңыдан заманбап үлгүдө курулуп, толук пайдаланууга берилген. Эң башкысы мекенчил чек арачы элдин маанайы жакшы.***





Президент ар бир үйгө өзү кирип, эл менен баарлашты. Жаңы үйлөрдө жаңы үмүт-тилектер менен жашоо баштаган аксайлыктар Өлкө башчысына ыраазычылыктарын айтып жатышты.

Баткен өнүгүп жатат. Республикалык бюджеттин өзүнөн үстүбүздөгү жылда эле 43 ири объект курулуп пайдаланууга берилди. Алардын ичинен Президент Садыр Жапаровдун катышуусу менен 15и ачылды. Дагы 11инин курулуп объектилери толук бүтүп, ачылуу алдында турат. Мындан тышкары, Өлкө башчысынын Жарлыгы менен Баткен облусуна ыйгарылган өзгөчө статустун алкагындагы 500 млн сомго бүткөрүлгөн жолдор, ирригациялык курулуштар, мамлекеттик эмес уюмдардын жана АРИСтин каржылоосу менен бүткөрүлгөн объектилерди эске алганда СССР учурунда дагы мындай чукул бурулуш, ири курулуштар Баткен чөлкөмүндө болгон эмес.

Президенттин жеке көзөмөлү менен бир эле Баткен районундагы эмес, Лейлек районундагы чек ара жаңжалында кыйрап калган айылдар дагы калыбына келтирилди. Жарактан чыккан турак үйлөр жаңыланып, үй-мүлктөрүнөн, мал жандыктарынан ажырагандарга компенсациялар төлөндү. Чек ара статусун алышкан 92 айылдын тургундарынын пенсия, жөлөк пулдары көбөйтүлүп, электр энергиясына жеңилдиктер каралды. Мунун бардыгы Президент Садыр Жапаровдун жеке көзөмөлү менен ишке ашкандыгын адилеттүүлүк үчүн айта кетели.

Мамлекет башчысы Капчыгайга барганда жаңыдан курулган айылдын инфраструктурасы менен таанышып, ыңгайлуу жашоо үчүн бардык зарыл шарттар бар экенине жеке өзү ынануу үчүн аталган айылдардын айрым жергиликтүү жашоочуларынын жаңы курулган үйлөрүнө кирип чыкты. Капчыгай айылы ичүүчү таза суу менен да камсыздалган. Көчөлөр жарыктандырылып, асфальт төшөлүп, кадимки жаңы шаарчага айланган. Андан соң, Достук айылы менен да таанышып чыкты. Жаңыдан курулган социалдык объектилер – мектеп, фельдшердик-акушердик пункту, футбол аянтчасы, бассейнди көрүп, Өлкө башчысы чек арадагы калктын туруктуу жашап калуусу үчүн түзүлгөн шарттарды баалады. Ошондой эле ал жергиликтүү тургундардын биринин бадыраң өстүргөн күнөсканасына барып, даамын татып көрдү. Капчыгай жана Достук калктуу конуштарын кыдыруу учурунда Мамлекет башчысы жергиликтүү тургундар менен баарлашып, аларды ойлонткон турмуштук маселелери тууралуу кызыкты, ошондой эле айыл аксакалдары менен сүйлөштү.



Жергиликтүү тургундар Президент Садыр Жапаровго айылдарындагы социалдык инфраструктураны калыбына келтирүү маселелерин ыкчам чечкендиги үчүн ыраазычылык билдиришти.

## САМАРКАНДЕКТЕ 97,5 МЛН СОМГО ЖАҢЫ ООРУКАНА КУРУЛДУ

Президент Садыр Жапаров Баткен облусунун Самаркандек айылында жаңы курулган оорукананын имаратын ачты. Жаңы оорукананы куруу үчүн Президенттин Фондунан 97,5 млн сом каралган болчу. Эл үчүн өтө маанилүү бул оорукана заманбап үлгүдө курулуп, 75 орунга ылайыкташтырылган. Бардык медициналык эмеректер менен жабдылган оорукана менен таанышкан Садыр Жапаров акыркы мезгилде Баткен облусундагы медициналык мекемелердин материалдык-техникалык базасы чыңдалып жатканын айтып өттү. Медициналык бул мекеменин ишке берилишин канааттануу менен белгилеп өттү. Андан соң жаңы оорукананын имаратын кыдырган маалда Мамлекет башчысы жергиликтүү тургундар менен жолугуп, алар менен ар кандай көйгөйлүү маселелер тууралуу сүйлөшүп, тиешелүү мамлекеттик органдарга аларды чечүүнү тапшырды.



## УКМКнын ЖАҢЫ ИМАРАТЫНДА

Президент Садыр Жапаров Баткен облусуна болгон жумуш сапарынын алкагында Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитеттин (УКМК) аталган облус боюнча башкармалыгынын жаңы имаратын ачты.

Чогулгандардын алдында сүйлөгөн сөзүндө Мамлекет башчысы бул жаңы имарат жана коопсуздук кызматкерлери үчүн жакшыртылган шарттар алардын ишинде чоң ийгиликтерге, жаңы жетишкендиктерге жетишүүдө негизги ролду ойной турганы талашсыз экендигин белгиледи.

Президент Баткен башкармалыгынын түзүлүшү жана өнүгүшү – Улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлеринин ак ниет кызматынын үзүрү жана үлгүсү, деп баса белгиледи. Ага далил катары Президент Улуттук коопсуздук органдарынын кызматкерлеринин эрдиктерин кыскача айтып өттү.

## ПРЕЗИДЕНТ "АЛГАКАДАМ" ИРРИГАЦИЯЛЫК ИРИ ДОЛБООРУНА КОШУМЧА 100 МЛН СОМ БӨЛДҮ

Президент Садыр Жапаров Баткен облусуна болгон жумуш сапарынын алкагында Кадамжай шаарында жайгашкан "Алгакадам" ирригациялык каналынын курулушунун жүрүшү менен таанышты. Ирригациялык каналдын курулушу 2022-жылдын апрелинде башталган. Канал 4200 га жерди сугат суу менен камсыз кылат. Каналдын жалпы узундугу 24,9 км, ал жалпы узундугу 6,3 км болгон үч тоннелди камтыйт.

Бүгүнкү күндө тоннелдин 741 метри курулуп бүткөн. Долбоордо жергиликтүү тургундар демилгелеп, кийинчерээк аны Президент Садыр Жапаров колдогон. Каржылоо мамлекеттин жана ишкерлердин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Президенттин фондунан "Алгакадам" коомдук фондуна 50 млн сом бөлүнгөн. Мындан тышкары, ирригациялык объектинин курулушуна республикалык бюджеттен 100 млн сом бөлүнүп, Баткен облусун өнүктүрүү фондуна которулган. Долбоордун болжолдуу сметалык наркы 2 млрд 972 млн сомду түзөт. Объектти 2027-жылы ишке берүү пландалууда.

Мамлекет башчысы стратегиялык объектинин курулуунун маанилүүлүгүн белгилеп, мындан ары да мамлекет керек болгон колдоо көрсөтөрүн айтты. Ал жакынкы күндөрү дагы 100 млн сом кошумча каражат бөлөрүн билдирди.

## ПРЕЗИДЕНТ КАДАМЖАЙДА АКЫН МОЛДО НИЯЗДЫН ЭСТЕЛИГИН АЧТЫ

Кадамжай шаарында Молдо Нияз Эрназар уулунун эстелиги ачылды. Бул иш-чарага Президент Садыр Жапаров катышты. Ойчул акын, агартуучу Молдо Нияз Эрназар уулунун айкели анын 200 жылдык маарекесине карата Кадамжай шаарындагы райондук администрациянын жанына тургузулду. Ачылуу аземинде эстеликке гүлчамбарлар коюлуп, куран окутулду. Молдо Нияздын 200 жылдыгынын алкагында туу көтөрүү аземи өттү. Иш-чарага жергиликтүү жетекчилер, тарыхчылар жана кошуна Өзбекстандын Фергана облусунан келген өкүлдөр катышты.

**Адылбек АКМАТОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

МААРАКЕ
МАЕК
www.erkin-too.kg



### Коомдук жана мамлекеттик ишмер Абдыганы ЭРКЕБАЕВ:

# “ЭГЕМЕНДИК ЖЫЛДАРЫНДА ҮЧ ЧОҢ КАТАЧЫЛЫК КЕТТИ”

**- Абдыганы Эркебаевич, алгач сизди куттуу 70 жаш маарекеңиз менен гезитибиздин окурмандарынын атынан куттуктайбыз.**

- Куттуктооңуздар үчүн чоң рахмат.

**- Эми кепти алыстан баштасак деп турам. Сиз эмгек жолуңузду адабият тармагында баштадыңыз эле. 90-жылдарга чейин күчтүү адабий сынчы, жазмакер катары элге таанылдыңыз. Мектепте адабият сабагына кызыкчу белеңиз же ошол кезде эле жазмакерлигиңиз башталган беле?**

- Мектепте бардык сабактарды жакшы окугам. Өзгөчө математика, физика сыяктуу так илимдерге кызыкчумун. Илим, техника деп космоско учуп, ал мезгил ошондой мезгил эле. 10-классты бүткөндөн кийин политехникалык институтка келгем. Эртерээк келип алып кыйын болуп даярдоо курстарына катышып жүрдүм. Аттестатым кийин келмек, себеби мен алтын медалга көрсөтүлүп, аны райондон да карашмак да. Кийин алтын медаль болбой калды деп аттестатымды алып келишти. Мен жакшы көргөн физика жана орус тил сабагынан “4” болуп калыптыр. Политехке документтеримди албай койду, аскерге каттоо күбөлүгүң жок деп. Бизге мектеп аскер комиссариаты өзү алып келмек болушуп, бирок ошол бойдон алып келишкен эмес. Мен анын керек экенин деле билген эмесмин. Кирүү экзамендери жакындап калган, университеттин тарых факультетине бардым. Ал жерден да декандын аңгемелешүүсүнөн өтүп, “жетим экен, баалары баары “5” экен” деп жазып, кабыл алуу комиссиясына жиберди. Татар аял экен, “декан өзү үчүн жооп берет, мен жоопкерчилик ала албайм” деп аскерге каттоо күбөлүк жок ал да албай койду. Кирүү экзамендерине 2-3 күн калганда айылдан келген жолдош балдар филфакка анысы жок эле алып жатат дешкенинен документтеримди көтөрүп алып филология факультетине бардым. Ошентип ал жакта окуп калдым. Мектепте мага адабият, сүрөт, музыка баары эле жакын болчу. 7-класста болсо керек “Кыргызстан пионери” гезитине “Ордендүү чабандын оторунда” деген кабарым чыккан. Бизди алдыңкы чабандын короосуна экскурсияга алып барган эле ошол боюнча жазгам. Ал үчүн почтага барып 92 тыйын калем акы алганым эсимде (күлүп). Мага адабият сабагы оңой көрүнчү. Математика, физика сабагына атайын Россиядан чыккан китептерди, справочниктерди окуп, даярданчумун. 10-классты бүтүп келгенде “Ленинчил жаш” гезитине жазып турдум. Раматылык атам жамакчы акын болгон экен. Ары жагы Жерге-Тал, бу жагы Кадамжайга чейин барып жамактатчу экен. Балким ошондон бир нерсе өтсө керек да.

**- Армияга барган жоксузбу?**

- Барган жокмун. Себеби, көп кыйынчылык көрүп, жылаңайлак кар кечип жүргөн күндөр да болгон. Интернатта эки жолу ревматизмден баса албай калып, ооруканага жаткам. Университетте 2-курстан баштап аскердик даярдык сабагына катышуу үчүн комиссиядан өтпөй калдым. Шакылдап марш тээп баса албайт экенмин. Ошондон улам аскердик даярдык сабагын да окубай калдым.

**- Учурунда күчтүү адабиятчы катары таанымал адам элеңиз. Өзүңүз чыгарма жаратууга кызыккан жоксузбу?**

- Студент курагымда ыр жазып көргөм. Жазчумун, бирок илимге ыктап, адабиятка көбүрөөк көңүл бөлүп кеттим. Адабият тарыхын, орустун, немецтин улуу сынчыларын окуп, чыгарма жазууга өтө олуттуу мамиле кылыш керек деген ойдон улам жазбай калгам. Бирок публицистика, очерктерим көп чыкты. Накта көркөм чыгарма жазууга аракет болгон жок. Өзүмдүн өмүр жолумдан кыска-кыска эсселерди жазгам. Аны чоң жазуучулар Казат Акматов, Төлөгөн Касымбековдор абдан мактап, жакшы жазыпсың, көркөм чыгарма жаратсаң болмок, окуп алып ыйладык дешкен эле. Азыр китебимди басып жаткан Жумамүдүн Кадыров да ушунун баарын көркөм чыгарма кылбайсызбы дейт. Эми аманчылык болсо көрөрбүз.

**- Сизди чоң кызматта отуруп да кандай маселе болбосун өз пикириңизди түз айткан адам катары билебиз. Бирок сиз канча жылдар бою ээрден түшпөй чоң кызматтарды аркаладыңыз. Ушул мүнөзүңүздүн айынан запкы көргөн учурларыңыз болгон жокпу?**

- Албетте, мүнөзүмдөн запкы көргөн окуялар аз эмес болду. Мектеп-интернатта окуп жүргөндө ушунчалык мени жакшы көрүп, бапестеген өзүмдүн тарбиячы эжем эсимден кетпейт. Бирок мен облустан текшерип келген комиссияга агайлар балдарды урганын, эжекелердин чымчыганын айткам. Университетте 3-курста окуп жатканда романдар жөнүндө чоң макаламда деканым, маркум Качкынбай Артыкбаевдин пикирине каяша айтып, туура эмес деп жазып чыккам. 5-курста илимдин докторлорун сындап жазгам. Мүнөзүм жаш кезден эле ушундай. Мектепте бизди сакмалга, чөпкө айдачу. Мен сакмалга барган эмесмин. Убагында райком болуп иштеген совхоздун директоруна силердин акыңар жок, мыйзамда андай жок деп айтып, бригадирлер айлыгымды кыркканда алардын үстүнөн райкомго кат жазып, кайра өндүргөм. Чындык үчүн күрөш бала кезден күткөн мүнөз, ошон үчүн каерде болсо да оюмду түз айтам. Кызмат жагынан айтсам, Ош облусунун губернатору кызматынан кеткениме кош палаталуу парламентке ачык каршы болгонум себеп болгон. Аскар Акаев Көлдө губернаторлорду чогултканда резиденциясында эс алып жүргөн Нурсултан Назарбаев да бар эле, ошондо бизге кош палаталуу парламент туура келбейт, көп улуттуу, абдан чоң федеративдүү мамлекеттерге болот, анан азыр өзүбүз кыйналып эптей албай жатабыз, ал үчүн ашыкча чыгымдын кереги жок деп караманча каршы болгом. Ошондон кийин Аскар Акаевич экөөбүздүн ортобузда мамилебиз бузулду, анан аны ырбаткандар да көп болот. Кийин деле акыркы иштеген жерим Академияны Алмазбек Атамбаев жоём дегенде жоё албайсың, бул конституциялык укугуңа кирбейт деп басма сөз аркылуу түз кайрылдым. Кыргызстан элдеринин ассамблеясын жетектеп турганда да саясатка аралашпай калыс бололу деген позицияны кармандым. 2005–2010-жылдары Ассамблеяны жок кылабыз, талкалайбыз, силер жалаң эле чоңдордун сөзүн сүйлөйсүңөр дегендер болгон. Чыр-чатакка, тополоң кылып жолдорду тосуп, имараттарды басып алууга каршымын. Качан да болбосун ойду түз айтып, сүйлөшүү жолу менен бүтүрүш керек. Азыр да ошондой ойдомун. Калыстыкты, чындыкты кармануудан жаман болгон жерим жок.

**- Акаевдин бийлигинин акыркы жылдарында алардан алыстагандай болуп калдыңыз. Мында 2003-жылкы “Центерра голд инк” биргелешкен компаниясын түзүү жөнүндөгү мыйзамсыз келишимди жокко чыгаруу жөнүндө сиз Төрага болгон парламент токтом кабыл алып, өзүңүз баш болуп ачыктан-ачык каршы болушуңуз да себеп болгон жокпу?**

- Албетте, азыр “Кумтөрдүн” өзүбүзгө алынышын колдойм, мурда да колдогонбуз. Бирок ал убакта президенттик бийлик күчтүү болчу, күчүбүз жеткен эмес. Биринчи Жогорку Кеңеш дагы ошон үчүн мөөнөтүнөн мурда тарап кеткен. Эми акырында колго алдык, ылайым арты жакшы болсун деп тилейм. Азимбек Бекназаров боюнча да мен баш болуп, бүт палатабыз менен “сыртка чыкпоо талабы менен тергөө жүрсүн, камабагыла” деп каршы болгонбуз. Мен аны көргөнү түрмөгө чейин бардым. Өзүнө да чыгарыңыз деп айткан күндөрүм болду. Күйөө баласы баш болуп эл байлыгын басып алып жаткандa ушуларды кой деп койбойсузбу деп айткандарыбыздан да мамилебиз алыстады. Палатада оппозиция күчтүү эле Текебаев, Кадырбеков, Мадумаров, Масалиев, Бакир уулу жана башкалардын баарына оюн кеңири айтканга мүмкүнчүлүк берчүмүн. Көпчүлүктүн пикири чечүүчү болчу. Кээ бир маселелерди өткөрбөй да койгон учурлар болду. Ушул сыяктуу себептерден улам мамилебиз сууп калган эле.

**- Тууну алмаштыруу боюнча оюңуз кандай?**

- Бул биринчи болуп жаткан жери жок. Абдрахман Маматалиевдер депутат болуп турганда аябай катуу талаш-тартыштар болгон. Менимче бирэки нерсеси болбосо, анча деле принципиалдуу өзгөрүү жок, туурабы? Мен муну айып да, пайда да көрбөйм. Герб боюнча да сын айтылып жүрөт. Колдон келсе жалпы эле чоң комиссия түзүп, шашпай талкуулап, элге салып, айрыкча адистердин пикирин угуп, чечим кабыл алган жакшы.

**- Он беш жыл мурда бир маегиңизде “Адабияттагы ак тактар” аттуу китебиңизди “мени менен ысык-суукту бирге тартып жүргөн жубайыма арнайм” деп жазып коёюн деп кайра тартындым, эми дагы китеп жазып ага арнаган мезгил болор деген экенсиз? Эмнеге тартындыңыз эле, анан ошол мезгил болдубу? Дегеле, жубайыңыз жөнүндө эмне айтkыңыз келет?**

- Ооба, ошентkем. Кудай маңдайыма жазган экен, жубайым менен 46 жыл бирге турмуштун ысык-суугун бир көрүп келатабыз. 3 балабыз бар. Экөөбүз теңбиз, мен абитуриент кезде жатаканада бир жолдош балама барып, ошол жакта чогуу болуп калып таанышканбыз. Студент кезден баштап 6 жыл сүйлөшүп жүрдүк. Анан мен Москвага окууга кеткенде телефон аркылуу сүйлөшүп, кат жазышып жүрүп, 1976-жылы жайында келип алып кеткем.

Мен жубайыма ыраазычылыктан башка айтаарым жок. Айрыкча Москвада эртеден кечке тикирейип кыргыздын адабий тарыхын кайра казып, жаңыча жазган мезгилде жанымда болду. Партия тушунда тыюу салынгандардын баарын архивден көтөрүп, арабчадан кириллицага которуп, андан орусчага которуп, канча эмгегим кетти.

**- Реакциячыл адабиятчылар деп тыюу салынгандар эле да...**

- Ооба, ошолордун баарын биринчи мен кайра карап чыкпадымбы. Партия учурунда Молдо Нияз, Арстанбек, Молдо Кылыч, К.Тыныстанов, Сыдык Карачев, Сатыбалды Наматов жана башкалардын чыгармаларына тыюу салынган эмеспи. Ошолордун эмгектерин кайра карап, алып чыктым. Ошондо жубайым 5 жыл бар-жок дебей жанымда болуп, ушул күнгө чейин чогуу жашап келебиз. Адистиги биолог болчу, бирок турмуштун айынан Москвадан эле бухгалтердик ишке үйрөнүп, кийин бул жакта окуусун да окуп, финансы тармагында иштеп калды. Ага арнайын деген ниетимди кеч болсо да аткардым. 2018-жылы “Азаттыктын азаптуу жолу” деп эгемендик жылдары жөнүндө чоң китебим чыккан. Ошол китебимдин башына “жубайыма жана балдарыма арнайм” деп жаздым.

*(Уландысы бар)*

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

КӨЗӨМӨЛ ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ
www.erkin-too.kg

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Банктык көзөмөл башкармалыгынын институционалдык инспектору Зулфия ЭЛКЕЕВА:

# “БАНКТЫК КӨЗӨМӨЛ МЫЙЗАМ НЕГИЗИНДЕ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ”

***Азыркы өнүгүп жаткан рынок мамилелеринин учурунда банк системасынын ийгиликтүү иштөөсүнүн негизги шарттарынын бири мамлекеттик жөнгө салуу, башкача айтканда банктык көзөмөл болуп саналат. Албетте, банктык көзөмөл Улуттук банк тарабынан кандайча жүргүзүлөт, ал банк системасынын өнүгүшүндө кандай мааниге ээ экендиги банк кызматын пайдаланган жарандарды кызыктырбай койбойт. Ошондуктан банк ишмердигин жөнгө салуу маселелери боюнча Улуттук банктын Банктык көзөмөл башкармалыгынын институционалдык инспектору Зулфия Элкеева менен маек курдук.***



**- Зулфия Рысбаевна, адегенде банктык көзөмөл деген эмне жана анын мааниси тууралуу сөз козгосоңуз?**

- Банктык көзөмөл – Улуттук банктын пландоо, текшерүү, мониторинг жүргүзүү, баалоо жана өз ара аракеттенүү боюнча көзөмөл органы менен банктын ортосундагы кызматташуунун караган иш-аракеттеринин жыйындысы. Улуттук банк жеринде комплекстүү жана максаттуу текшерүү методдорун тышкы көзөмөлдөөнү айкалыштыруу аркылуу ар бир банк үчүн анын өзгөчөлүктөрүн эске алып, көзөмөлдөө стратегиясын аныктайт.

Банктык көзөмөлдүн зарылчылыгы банктардын экономикалык жана социалдык табиятына карата келип чыгат. Анткени банк ишмердүүлүгү мамлекеттин өнүгүүсүндө өзгөчө чоң орунду ээлейт.

Банк көзөмөлүнүн мааниси, коммерциялык банктар кабыл алган чечимдердин жана аткарган иштеринин банк ишин жөнгө салуучу мыйзамдарга жана Улуттук банктын ченемдик актыларына шайкеш келүүсүн текшерүүдө болуп саналат.

Банк көзөмөлү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” Конституциялык Мыйзамынын, “Банктар жана банк иштери жөнүндө” Мыйзамдын, ошондой эле Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Банк көзөмөлү Улуттук банктын ишинин негизги багыттарынын бири болуп саналат. Ал банк системасынын туруктуулугун, ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу, аманатчылардын таламдарын коргоо, Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын сакталышын камсыздоо максатын көздөө менен банктык көзөмөлдү жүргүзөт жана жөнгө салуу ченемдерин белгилейт. Ошону менен бирге белгилей кетчү нерсе, аталган Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, Улуттук банк банктардын күндөлүк ишине кийлигишпейт.

Белгилеп кетчү нерсе, экономиканын рынок шарттарында, өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө коммерциялык банк өзүнүн капиталын көбөйтүүнү же башкача айтканда өзүнүн наркын жогорулатууну көздөйт. Ошондуктан, банкка өз ишмердүүлүгүнө байланыштуу келип чыгуучу тобокелдиктер менен бирге эле, башка күткөн-күтпөгөн, ички-тышкы тобокелдиктердин да таасири этүүсү толук ыктымал.

**- Банктык тобокелдик деген эмне?**

- Банктык тобокелдик – бул банктын белгилүү бир финансылык операцияларды аткаруу учурунда, өз ресурстарын же бөлүгүн жоготуп алуу, пайда албай калуу же кошумча чыгымдарга учуроо ыктымалдуулугу, тагыраак айтканда ишмердүүлүккө кандайдыр бир коркунучтун жаралышы болуп саналат.

Азыркы тапта активдүү өнүгүп жаткан банк рыногун тобокелдиктерсиз элестетүү кыйын. Анткени, тобокелдик банктын ар кандай операцияларында болот, бирок ар кандай өлчөмдө жана ар түрдүүчө компенсацияланат. Банк ишмердүүлүгүнүн маңызы болуп, тобокелдиктен качуу эмес, а тобокелдикти алдын ала байкоо жана аны минималдык деңгээлге чейин түшүрө билүү болуп эсептелет.

Банктар коммерциялык ишкана катары, көбүрөөк пайда алууну көздөшөт. Бирок бул умтулуу чыгымдарга учурап калуу тобокелдиги менен коштолот. Канчалык күтүлүп жаткан пайда чоң болсо, тобокелдик ошончолук чоң. Банктын кирешелүүлүгү менен тобокелдигинин ортосундагы байланыш жөнөкөйлөтүлгөн вариантта түз көз карандылыкты чагылдырат десек болот.

Банктык операциялардын тобокелдигинин өзгөчөлүгү, банктын кардарларынан обьективдүү же субьективдүү түрдө алган тобокелдиктердин деңгээли менен аныкталат. Банктын кардарлар менен иштөөдө кардардын ишмердүүлүгүндөгү тобокелдик канчалык жогору болсо, банк ошончолук жогору тобокелдикти күтөт. Банктар акча рыногундагы убактылуу бош жаткан акча каражаттарын тартуу менен жана аларды ар түрдүү активдерге жайгаштыруу (кредиттерди да кошкондо) боюнча банктык операциялар коммерциялык банктардын кардарларынын финансылык абалынын туруктуулугунан, акча рыногундагы абалга, ошондой эле бүтүндөй мамлекеттин экономикасынан өзгөчө көз каранды экендигин шарттайт. Белгилей кетчү нерсе, банктык тобокелдикти баалоодо маалыматты топтоо жана аны туура анализдөө негизги орунду ээлейт. Ушул этаптан кийин гана банкка потенциалдуу чыгым алып келүүчү факторлорду аныктоого жана тобокелдикти өлчөөгө болот.

**- Банктык тобокелдиктер кандай классификацияланат?**

- Базель комитетинин банктын активдеринин жана пассивдеринин балансын бузууга жөндөмдүү тобокелдиктердин классификациясы негизинен төмөнкүлөр: кредиттик, рыноктук, операциондук, мамлекеттик, стратегиялык, ликвиддүүлүк, репутациялык тобокелдиктер. Тобокелдиктердин бардык түрү бири-бири менен тыгыз байланышкан жана банктын ишмердүүлүгүнө таасир этет.

Банктык тобокелдиктерди башкарууну уюштуруудагы натыйжалуулугу аны туура классификациялоодон чоң көз каранды. Тобокелдиктерди классификациялоо деп белгилүү максатка жетүү үчүн, тобокелдиктерди белгилерине жараша конкреттүү топторго бөлүү болуп саналат. Банктар өз ишмердүүлүк процессинде тобокелдиктердин ар кандай түрлөрүнө дуушар болушат. Банктык чөйрөнүн кеңдиги, банктык продуктулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көп түрдүүлүк шарттарында, тобокелдиктерди туура, так классификациялоо зарыл.

**- Тобокелдикке багытталган ыкма кандай маңызга ээ?**

– Бул кандай чөйрө болбосун тобокелдиктерди азайтуудан б.а. олуттуу тобокелдик зоналарында контролдоо күчөп, ал эми кыйла коопсуз зоналарда контролдоо ошого жараша дегендей, башкача айтканда коммерциялык банктын туруктуулугуна коркунуч туудурган олуттуу тобокелдиктерге жана алардын банк тутумуна тийгизген таасиринин даражасына басым жасоодон турат. Ошондуктан, негизги көңүл төмөнкүлөргө бурулат:

- банктык бөлүмдөрдүн ишинин тигил же бул банк үчүн эң чоң тобокелдиктерди туудурган чөйрөлөрүн жана/же башкаруу, көзөмөлдөө жана/же банк ичиндеги башка системалардын кемчиликтеринен улам банктын иши тобокелдиктерге көбүрөөк дуушар болгон чөйрөлөрүн аныктоо;
- абалы олуттуу кооптонууну жаратпаган банктарга салыштырмалуу чабал банктарды аныктоо жана аларга көзөмөлдү күчөтүү.

Бул зарыл болгон учурда керектүү чараларды көрүүгө жана ресурстарды кыйла үнөмдөөгө, туура бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Улуттук банктын банктардын ишине көзөмөл жүргүзүүнүн алкагында тобокелдикти аныктоого багытталган ыкма, ага тобокелдикке баа берүү, анын ичинде инспекторлордун кесипкой ой-жүгүртүүсүнө негизделген, сандык жана сапаттык талдап-иликтөө, банктын иш алып баруу мүнөзүн, тобокелдик-профилин жана маанилүүлүгүн эске алуу менен ага карата жеке мамиле кылуу камтылган, ошондой эле ал кыйла иштиктүү колдонуу үчүн көзөмөл ресурстарынын натыйжалуу бөлүштүрүлүшүн камсыз кылат. Көзөмөлдүктүн ар бир баскычында Улуттук банктын атынан анын ыйгарым укуктуу бөлүмдөрү, банк жетекчилиги тобокелдиктерди канчалык деңгээлде натыйжалуу аныктап, өлчөп, контролдукка алып жана тескеп жаткандыгына баа берет.

**- Улуттук банк тобокелдиктерди тескөө боюнча кандай талаптарды коёт?**

- Улуттук банк регулятор катары коммерциялык банктарга тобокелдиктерди тескөөдө милдеттүү түрдө сактоого тийиш болгон минималдуу талаптарды аныктайт жана коёт. Банктар Улуттук банктын талаптарынын чегинде банктын Директорлор кеңеши менен анын масштабына, керектөөсүнө жана жүргүзүлүп жаткан операциялардын татаалдыгына ылайык келген тобокелдиктерди тескөө боюнча ички документтерди иштеп чыгууга жана бекитүүгө тийиш. Ошондой эле Банк ишинин стратегиясын жана масштабын чечмелөө максатында банк мыйзам талаптарына жана банктын ички документтерине ылайык бизнес-план түзүүгө тийиш.

Кошумчалап айта кетейин, банктын жашоо жөндөмдүүлүгү анын финансылык туруктуулугу менен бирге эле, өзүнүн тобокелдиктерин алдын ала көрө билүү менен бирге тобокелдиктерди минималдаштырып башкаруудан көз каранды деп айтсам жаңылышпайм.

Банктык тобокелдиктер жана банктык көзөмөлдүн мааниси боюнча айтууну жыйынтыктоо менен азыркы рынокко шайкеш келген банк тобокелдиктерден коркпойт жана аны өзүнүн ишмердигиндеги бир элемент катары карап, аны менен иш үстүндө кылдаттык менен тескөөгө боло тургандыгын жана керектигин дайыма сезип-билүүсү зарыл.

Ошону менен бирге эле банктык көзөмөлдүн дагы бир максаты, банктардын негизсиз-ылайыксыз тобокелдиктерди кабыл алуусун чектөө. Банктык көзөмөлдөөдө, банктарда балким орун алып калуучу тобокелдиктерди жаба турган банктардын капиталынын жетиштүүлүгүнө (шайкештигине) өзгөчө маани берилет.

**Маектешкен
Абдимухтар АБИЛОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg

# Окуу жайдагы ийгиликтер

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде күн электр станциясынын көрсөтмөлүү ачылышына катышты.



Министрлер Кабинетинин башчысы Техникалык университет анын “альма матери” экенин жана университеттин бардык жетишкендиктери, ага сыймыктануу тартуулап жатканын кошумчалады.

«Мен биздин окуу жайлардын илимий жетишкендиктерин такай көзөмөлдөп турам. Маселен, 24,5 миң студент билим алып жаткан Техникалык жогорку окуу жайынын кирешеси 1 миллиард сомго жетти. Быйыл QS Asia University Rankings 2024 рейтингинде Азиядагы эң мыкты жыйырма университеттин катарына кирди. Эми болсо дүйнөлүк рейтингде алдыңкы 20га кирет деп ишенем”, - деп жыйынтыктады Акылбек Жапаров.

## Бажы союзундагы байланыш

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Адылбек Касымалиев Евразия экономикалык комиссиясынын кеңешинин кезектеги жыйынына катышты

Кеңештин отурумунда ЕЭК күн тартибинде 28 маселени карап, жыйынтыгында бир катар чечимдер кабыл алынды.

Алсак, Кеңештин чечими менен товарларды Бирликтин бажы аймагына ташып келүүдө пайызсыз кийинкиге калтыруу жана (же) бөлүп төлөө планын берүү мөөнөтү 2024-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 30-июнуна чейин мүчө мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык мүчө мамлекеттердин экономикаларынын туруктуулугун жогорулатууга багытталган чараларды ишке ашырууга колдоо көрсөтүлүүчү системалык маанидеги жана (же) шаар түзүүчү ишканалар тарабынан 6 айга убактылуу узартылды.

## Европадагы жолугушуу

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Парижде өтүп жаткан ЭКӨУнун «Евразия жумалыгы» конференциясына катышууда.




Өз сөзүндө Эдил Байсалов Кыргыз Республикасынын учурдагы экономикалык ийгиликтери менен тааныштырып, дүйнөлүк экономикалык процесстердин алкагында келечекке стратегиялык багыттарды белгиледи.

Ошондой эле конференциянын алкагында Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары менен ЭКӨУнун Башкы катчысы Матиас Кормандын ортосунда эки тараптуу жолугушуу болуп өттү.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн маанилүү маселелерин, анын ичинде Кыргыз Республикасы менен ЭКӨУ ортосундагы кызматташтыкты чыңдоону талкуулашты.

## АКШ менен кызматташуунун артыкчылыктары

Министрлер Кабинетинин башчысы Акылбек Жапаров менен АКШнын Кыргызстандагы элчиси Лесли Вигери эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелерин талкуулашты.



Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар үстүбүздөгү жылдын жыйынтыгы боюнча кыргыз–америка кызматташтыгы активдешкендигин, атап айтканда, жогорку деңгээлдеги сапарлардын жана Борбордук Азия–АКШ саммитинин жыйынтыгында канааттануу менен белгилешти.

Тараптар ошондой эле эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелери боюнча пикир алмашып, жашыл энергетика жана климаттын күн тартиби жаатындагы өз ара аракеттенүүгө өзгөчө көңүл бурушту.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

### Нарын шаарынын мэри Канболот ТУТУЕВ:

# “АЛДЫГА КОЙГОН МАКСАТТАРГА ЖЕТИШТИК”



Теңир-Тоонун борбору Нарын шаарында кыш дээрлик 6 айга дейре созулат. Шарты катаал, бийик тоолуу аймактын негизги калаасын Канболот Тутуев соңку 2 жылдан бери жетектөөдө. Алыскы аймактагы калаа тургундары кантип күн кечирип жатышат? Эмесе, тоолуу калаанын башчысы бул жагынан жаңылыктарын биз менен бөлүштү.

**- Канболот мырза, жыл соңуна чыгып, тогошоор алдына келдик. Узап бараткан жыл Нарын шаары, андагы калаа тургундары үчүн кандай жетишкендиктер менен коштолду?**

- 2023-жыл Нарын шаары үчүн ийгиликтүү жылдардан болуп, алдыга койгон ишмаксаттарыбызды ишке ашырууга жетиштик. Шаарыбыздын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө, инфраструктурасын, дегеле жергиликтүү жашоочулардын жашоо турмушун жакшыртууга, келген меймандарга ыңгайлуу шарттарды түзүү, жергиликтүү маанидеги маселелерди жөнгө салуу боюнча калаабыздын алдыдагы 5 жылга карата өнүгүү планын түзүп, аракеттерди көрүп жатабыз. Бул жыл ичинде пландалган максаттарыбыздын дээрлик бардыгы аткарылды.

Мисалы, Нарын шаарынын экономикалык-социалдык тармагында өнүгүүнүн көрсөткүчү 2023-жылы 109,8 пайызды түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу өсүш алган. Шаар аймагындагы жалпы өндүрүштүн көлөмү 1 млрд 32,4 млн сомго жетип, өнөр жай тармагында 17 ишкана ачылып, 246 жаранга жумушчу орун түзүлдү. Нарын шаарынын курулуш тармагында да жыл ичинде жетишкендиктер орун алды. Мисалы, шаарга мамлекеттик ипотеканын негизинде көп кабаттуу турак жайларды курууга жер аянты бөлүнүп берилип, долбоору даярдалып, жаз айлары менен курулушу башталаары күтүлүүдө. Калаабыздын Москва аймагына бажы кызматкерлери үчүн 32 батирлүү кызматтык турак жай курулду. №9 Абдыкадыр Садыков атындагы 375 орундуу орто мектептин жаңы имаратынын курулушу уланып, ишкер Таалайбек Карпековдун каржылоосунда шаарыбызга заманбап сквер салынууда. Калаабыздын борбордук чөлкөмүнө KISB банкынын 4 кабаттуу, Кызыл ай коомунун 3 кабаттуу административдик имараттары курулуп, ЕБРРдин долбоорунун алкагында 6800 метр таза суу, 1800 метр саркынды суу түтүктөрү тартылды. Билим берүү мекемелеринин абалын жакшыртуу багытында республикалык түрткү берүүчү гранттык каражаттын эсебинен К.Жакыпов атындагы орто мектептин, жергиликтүү бюджеттин эсебинен Арстанбек Буйлаш уулу атындагы орто мектептин жылуулук тутумдары алмаштырылды.

**- Тоолуу аймактагы негизги калаанын “эки тизгин, бир чылбыры” 2 жылга жакын убакыттан бери сиздин колуңузда. Бул аралыкта шаардык казынанын көлөмүн канча пайызга көтөрө алдыңыз?**

- Нарын шаарынын жергиликтүү бюджети 2021-жылы 134 млн 328 миң сомду, 2022-жылы 155 млн 441 миң сомго жетип, өсүү темпи 115,7%ды түзгөн. 2023-жылы 214 млн 541 миң сом менен бекитилип, өсүү темпи 138,0 %ды түздү же 59 млн 100 миң сомго өсүш берген. Жергиликтүү бюджеттин көлөмү кескин өсүп кеткенинин себеби, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин айлык акылары көбөйгөндүктөн, киреше салыгынын көлөмү да өсконддүгүнө байланыштуу болууда. Жергиликтүү казынадан көбүнчө айлык маяналар каржыланат. Ал эми шаарды өнүктүрүүгө аз гана каражат калат. Нарын шаарынын жергиликтүү бюджетинин 10,9%ы гана калаабызды өнүктүрүү үчүн жумшалып келет. Ошондуктан, жыл сайын ички жана сырткы инвесторлорду тартуу менен шаардын инфраструктурасын жакшыртуу аракетин көрөбүз. 2023-жылы 22 млн сомго чукул инвестиция тартылды.

**- Борбордук бийлик аймактарга кыйла көңүл буруп, кичинекей шаарлардын да майда-барат көйгөйлөрүн көз жаздымда калтырбай, чечилүүдө. Бийликтин көңүлүнөн Теңир-Тоонун борбору да сыртта калбаса керек...**

- Президентибиз Садыр Нургожоевичтин жеке колдоосу менен шаарыбыздагы ички жолдор оңдолду. Буга чейин ички жолдорубуздун абалына адамдын зээни кейий тургандай, өзгөчө жаан-чачында басууга мүмкүн болбогон көчөлөрүбүз бүгүн асфальтталып, жаркырап калды. Жалпы 28 чакырым 500 метр ички жолдун 11 чакырымы жасалды. Калган бөлүгү жаз мезгили менен улантылат. Президентибизди тапшырмасына ылайык, мамлекеттик ипотеканын негизинде көп кабаттуу турак жай курууну баштап жатабыз. Борбордук Ленин атындагы көчөбүздү толугу менен реконструкциялап, тууарасын кеңейтүү пландалып, долбоору даярдалды. Бул иш да өлкө башчыбыздын жеке колдоосу менен жасалганы турат. Жалпы долбоордун сметасы 900, 96 млн сом деп бааланууда.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

# "КАЛЫС СӨЗҮН АЙТА АЛБАЙ, КАРТ БУЗУЛАТ САК БОЛГУН..."







Кыргыз Республикасынын адабият күнүнө карата Улуттук Жазуучулар союзу тарабынан уюштурулган "Алтын калем" сыйлыгынын жеңүүчүлөрүнө сыйлык тапшыруу аземи 12-декабрда Алыкул Осмонов атындагы китепканада өтүп, лауриаттардын аты-жөнү коомчулукка маалым болгон убакыттан баштап акын-жазуучулар арасында калыстар тобунун калыс эмес чечимине наразы болгондордун үнү интернет булактары аркылуу социалдык тармактарда айтыла баштады эле. Чындыгында маани бербей деле койчу майда маселе болчу. Акын-жазуучулар ички көйгөйүн ич-ара чечип алса болмок. Бирок, "Алтын калем" сыйлыгын жомоктогу жез кемпирдин шыпыргысындай пайдаланып, көрүнгөн минип алып, көйкөлүп учуп жүргөнү коомчулукту бир топ иренжитти.

Өзүлөрү руханий дөөлөттөрдү жаратабыз деп жүргөн акын-жазуучулардын бүгүнкү абалы ушул болсо, коомдун башка катмары жөнүндө, коррупцияга кекиртегинен малынган көр пенделер туралуу сөз кылбай койсок деле болчудай. Мамлекет тарабынан 100 000 (жүз миң) сомдон ар бир лауреатка акчалай сыйлык бөлүнүп, сакасынан чүкөсүнө чейин саясатташкан коомчулуктун пикирин бир аз болсо да чыгармачылык дүйнө аркылуу адеп-ахлакка буруп, адабият айдыңындагы жаштарга "Алтын калем" аркылуу стимул жаратып, чыгармачылыкка шыктандыруу максатында уюштурулган конкурстун жыйынтыгы КР Улуттук жазуучулар союзунун нагыз жүзүн ачып берди. Бул бир сөз менен айтканда Маскарапоздуктун жеткен чеги. Мындан өткөн маскарапоздук болушу да мүмкүн эмес.

Конкурсанттардын арасында жашы 70тен ашып калган аксакалдардын неберелери менен тең улан-кыздарга аралашып жарышка түшүп, жулкунуп жүргөнү бир топ калпыс көрүнүш. Адабий чөйрөдө Эл акыны, Эл жазуучусу деген наамдан бийик даража болбосо керек. Мен Абдиламит Матисаков акемин чыгармачылыгын сыйлайм, бирок "Матисаков" деген адабий мектептин ээси, Кыргыз Эл жазуучусу Абдиламит Матисаковду Кыргызстандын "Алтын калем" конкурсунан эмес, дүйнөлүк алкактагы адабий конкурстардан байге утуп келишин каалайт элем. Эгерде "Матисаков" мектебинин жаш калемгерлери ушул конкурстан утуп чыкса, анда Абдиламит Матисаковго азыркы 100 000 (жүз миң) сомдук сыйлыктан жүз эсе көп пайда да, абырой да алып келмек. Адабий сын жаатында айла жок. Бүгүнкү күндө саналуу адабиятчыларыбыз бар. Негизинен улуу муун калыстыгын көрсөтүп, жаштарга жол берип, калыстар тобунун катарында отурса жарашмак. Бүгүн неберелери менен тең улан-кыздарга аралашып билек-багелегин түрүнө жарышка түшкөн ак саамай кемпирлер менен сары тиш абышкаларга Молдоакмат Бапаковдун фонунда аман эле болгула дегенден башка сөз айтуу да мүмкүн эмес. Бу кебетеңер менен калыс сөз айтуу силердин шыбагаңарга буюрубаганын көргөздүңөр.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзу башында турган "Алтын калем" конкурсунун Калыстар тобу, лауреаттарды тандоо кандай критерийлердин негизинде жүргүзүлгөнүн, башкасын айтпаганда да Молдоакмат Бапаков кантип "Алтын калем" сыйлыгын алып калганын жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусунда пресс-конференция өткөрүп, жалпы журтка түшүндүрүп берүүгө милдеттүү. Калыстар тобунун мүчөлөрү өзүлөрү да конкурсант болуп катышып, байге алыптыр деген божомол сөздөр да угула баштады. Калыстар тобунун курамы толук ачыкталуусу зарыл. Кыргыздын белгилүү журналист, акын кызы Элмира Ажыканова менен чыгаан акын Өмүрбек Тиллебаевдин фейсбук социалдык баракчаларындагы аргументтүү фактыларга назар салыңыз:

Элмира Ажыканова
13.12.2023-жыл.

Татыктуулар дайыма сыйлык алсын, таланттуулар дайыма бааланси. Биз кубанычта болобуз.

Поэзия боюнча "Алтын калемге" татыган акыныбыз М. Бапаков тууралуу суроо салсам, аны мактагандар чыгышты. Мейли, чын эле мыкты болсо мактоо керек. Бирок бирөөлөрдөн уурдап көчүрүп "мыкты" болуп жүрсөчү? Анын плагиатыгын калыстар тобунун мүчөлөрүнүн бири да билбесе не кылуу керек???

Кыскасы, М. Бапаков "Алтын калем" сыйлыгын өткөрүп берсин!!! Уюштуруучулар жана калыстар элден кечирим сурашсын!!! Калыстар кимдер экенин жарыялагыла!!!

СЕН

*Селт эттим, добушуўдан чочугандай,*
*Жүргөндө жүрөк муўун өчүрө албай,*
*Отузда ойноп кеткен махабаттын,*
*Күнөөсүн келатканда кечире албай.*
*Сен болуп кайта жанып сагынычым,*
*Сезимден оргуп чыкты жалынычым.*
*Сен балким, менден качкан бак-таалайдын,*
*Адашып кайра тийген жарыгысыў.*
*Канакей, жалыныўа жалга мени,*
*Арзуууўду актабасам арман эми...*
*Өмүрдө мени алдаган аялдар көп,*
*Тек гана сен алдоочу болбо мени...*

**Молдоакмат Бапаков**

*Селк еттім дауысынан шошығандай,*
*Жүр едім єз мұўымды өшіре алмай.*
*Жиырмамда алдап кеткен махаббаттыў*
*Күнәсін әлі күнге кешіре алмай.*
*Сен болып қайта жанды-ау сағынышым,*
*Бәлкім, тар маўдайымныў бағымысыў?!*
*Бәлкім, сен менен қашқан махаббаттыў*
*Ойланып қайта соққан шағымысыў?!*
*Сол болсаў, қолыўды бер, жүр, қарағым,*
*Сен барған жерге мен де бір барамын.*
*Көл едім тасымаған, тасыттыў ғой,*
*Бақша едім бағы тайған, гүлге орадыў.*
*Кәнеки, жалыныўа жалға мені,*
*Күтіп тұр пәк махаббат, арман елі.*
*Өмірде мені алдаған адамдар көп.*
*Тек қана сен алдаушы болма мені!*

**Мухтар Шаханов**

Өмүрбек Тиллебаев
13.12.2023-жыл

"Алтын калем" сыйлыгы, же адабияттагы плагиаттык жөнүндө

Жазуучулар Союзу уюштурган "Алтын калем" сыйлыгын алган авторлордун арасында адабий журтчулукка аты белгисиз Молдоакмат Бапаковдун болушу көпчүлүктү таң калтырды. Ал тууралуу өз алдымча изилдеп эч нерсе таппай олтурсам акын, журналист кызыбыз Элмира Ажыканованын посту чыгып калды. Элмиранын постуна үн кошуп "Жазуучулар Союзу Молдоакмат Бапаков жөнүндө маалымат берсин. Чыгармаларын жарыяласын" дедим. Көп өтпөй Бапаковдун көлөмдүү ырлар топтому чыкты.Бапаковдун ырлары жедеп уйкаш кууган, сөздү самандай сапырган, эч бир жаңы ой, идея, жаңы салыштыруулар жок, ортосаар акындын ырлары экен. Чыдап окуп олтуруп "Сен" деген ырына келдим. Бул ырды башта кайсы акындын китебинен окудум эле деп түкшүмөлдөй баштадым. Негедир тааныш. Турар Кожомбердиевдин ыры беле, же Жолон Мамытовдун ырыбы? Үчүнчү ирет окудум да, так эстедим. Бул ыр казактын көк жал акыны, менин устатым Мухтар Шахановдун ыры эмес беле? Көп жыл мурда өзүм кыргызчага которбодум беле? О, эсиңе жара чыккыр деп өзүмдү бир сыйра тилдедим. Анан Мухтар Шахановдун китеп текчемде турган он китебинин баарын үстөлүмө алып келдим да, ар бир китепти бирден барактап бул ырды издей баштадым. Кашайып жок. Кайда кеткен? Акыры таптым. Мухтар Шахановдун 1993-жылы Алматынын "Жазушы" басмасынан жарык көргөн "Доор дастандары" деген китебине чыккан ыры экен. Ыр "Махабатты коргоо, же ашыктык жазган каттардан" деген топтомго кирген.

Анан Молдоакмат Бапаков сыяктуу ыр ууруга, болгондо да казактын баатыр, кайсар акыны Мухтар Шахановдун ырын уурдаган плагиатка абройлуу "Алтын калем" сыйлыгын берүүгө болобу?..

Өмүрбек Тиллебаев:

*"...Салкын тоону кыян жууп,*
*Салт бузулат сак болгун,*
*Каада түгөп, ар түгөп,*
*Калк бузулат сак болгун,*
*Калыс сөзүн айта албай,*
*Карт бузулат сак болгун..."* деп кайран Кетбука ушуну айткан белем?!

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

## МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ КОРГОЛОТ



11-декабрда, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Гүлнара Баатырова республикадагы МСЭКтин жетекчилери менен онлайн кеңешме өткөрдү. Иш-чарада министр коомдо медициналык-социалдык эксперттик комиссиялардын ишине наразычылык бар экенин айтып, бул көйгөйдү жоюу маселелерин тездетүүнү тиешелүү адистерге билдирди. «Бүгүнкү күндөн баштап медициналык-социалдык эксперттик комиссияларга көзөмөл күчөтүлөт. Бардык жерге видеокамералар орнотулуп, жаңы жылга чейин ишеним телефондору иштей баштайт. МСЭКтин майыптарды дайындоо боюнча ишин текшерүү күчөтүлөт. Мүмкүнчүлүгү чектелген бир дагы жаран комиссиялардан кароосуз калганын сезбеши керек. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары биринчи орунда болушу керек» деди Гүлнара Баатырова.

## УГУУСУ НАЧАР 50 БАЛАГА АКЫСЫЗ ОПЕРАЦИЯ ЖАСАЛАТ

Декабрь айынын соңуна чейин Бишкектеги Эне жана баланы коргоо улуттук борборунда угуусу начар балдарга акысыз кохлеардык имплантация жасоо жүргүзүлөт. Бардык чыгымды Катарлык уюм каржылап жатат. Атайын комиссия тарабынан тандалып алынган 50гө жакын балага бекер операция болот. Бүгүнкү күнгө 20га жакын баланын кулагына ийгиликтүү кохлеардык имплантация жасалды. Бул тууралуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун директору Шайырбек Сулайманов билдирди. "Катарлык дарыгерлер жакынкы үч жылда угуусу начар 300гө жакын балага кохлеардык имплантация операциясын жасоону пландап жатат. Бул иштер эки өлкөнүн лор дарыгерлери менен жасалууда. Угуусу начар балдарды колдоого алып, Катар мамлекети кохлеардык имплантторды акысыз берүүдө. Бул жардамдар үчүн ыраазычылык билдиребиз".

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

## 2022-ЖЫЛДЫН 26-МАЙЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 1996-ЖЫЛДЫН 26-АВГУСТУНДАГЫ ГРАЖДАНДЫК ЖАНА КЫЛМЫШ-ЖАЗА ИШТЕРИ БОЮНЧА ӨЗ АРА УКУКТУК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ ЖАНА УКУКТУК МАМИЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ КЕЛИШИМГЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 1-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2022-жылдын 26-майында Бишкек шаарында кол коюлган 1996-жылдын 26-августундагы Граждандык жана кылмыш-жаза иштери боюнча өз ара укуктук жардам көрсөтүү жана укуктук мамилелер жөнүндө Кыргыз Республикасы менен Казакстан Республикасынын ортосундагы келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу протокол ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Казакстан Республикасынын Өкмөтүнө белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 7-декабры, №202***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ ПРОТОКОЛА О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ И ДОПОЛНЕНИЙ В ДОГОВОР МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И РЕСПУБЛИКОЙ КАЗАХСТАН ОБ ОКАЗАНИИ ВЗАИМНОЙ ПРАВОВОЙ ПОМОЩИ ПО ГРАЖДАНСКИМ И УГОЛОВНЫМ ДЕЛАМ ОТ 26 АВГУСТА 1996 ГОДА, ПОДПИСАННОГО 26 МАЯ 2022 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕКЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 1 ноября 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Протокол о внесении изменений и дополнений в Договор между Кыргызской Республикой и Республикой Казахстан об оказании взаимной правовой помощи по гражданским и уголовным делам от 26 августа 1996 года, подписанный 26 мая 2022 года в городе Бишкеке.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Правительство Республики Казахстан о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Протокола.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 7 декабря 2023 года, №202***

## 2023-ЖЫЛДЫН 12-МАЙЫНДА ДЖИДДА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ОПЕК ЭЛ АРАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУНУН ОРТОСУНДАГЫ «СУУСАМЫР – ТАЛАС – ТАРАЗ АВТОЖОЛУН РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО, IV ФАЗА, 104,6-197,6 км» ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 22-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 12-майында Джидда шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен ОПЕК эл аралык өнүктүрүү фондунун ортосундагы «Суусамыр – Талас – Тараз автожолун реконструкциялоо, IV фаза, 104,6-197,6 км» долбоору боюнча кредиттик макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Кредиттик макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө ОПЕК эл аралык өнүктүрүү фондуна кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №203***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ФОНДОМ МЕЖДУНАРОДНОГО РАЗВИТИЯ ОПЕК ПО ПРОЕКТУ «РЕКОНСТРУКЦИЯ АВТОДОРОГИ СУУСАМЫР – ТАЛАС – ТАРАЗ, ФАЗА IV, 104,6-197,6 км», ПОДПИСАННОГО 12 МАЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ ДЖИДДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 ноября 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Фондом международного развития ОПЕК по проекту «Реконструкция автодороги Суусамыр – Талас – Тараз, фаза IV, 104,6-197,6 км», подписанное 12 мая 2023 года в городе Джидда.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Фонд международного развития ОПЕК о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Кредитного соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 12 декабря 2023 года, №203***

## 2023-ЖЫЛДЫН 12-МАЙЫНДА ДЖИДДА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ИСЛАМ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «СУУСАМЫР – ТАЛАС – ТАРАЗ АВТОЖОЛУН РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО, IV ФАЗА, 104,6-197,6 км» ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ИСЛАМ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «СУУСАМЫР –ТАЛАС – ТАРАЗ АВТОЖОЛУН РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО, IV ФАЗА, 104,6-197,6 км» ДОЛБООРУ БОЮНЧА ТЕХНИКАЛЫК ГРАНТТЫК ЖАРДАМ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 22-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 12-майында Джидда шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Суусамыр – Талас – Тараз автожолун реконструкциялоо, IV фаза, 104,6-197,6 км» долбоору боюнча кредиттик макулдашуу жана Кыргыз Республикасы менен Ислам өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Суусамыр – Талас – Тараз автожолун реконструкциялоо, IV фаза, 104,6-197,6 км» долбоору боюнча техникалык грanttык жардам жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Кредиттик макулдашуунун жана Техникалык грanttык жардам жөнүндө макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Ислам өнүктүрүү банкына кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №204***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ИСЛАМСКИМ БАНКОМ РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «РЕКОНСТРУКЦИЯ АВТОДОРОГИ СУУСАМЫР – ТАЛАС – ТАРАЗ, ФАЗА IV, 104,6-197,6 км» И СОГЛАШЕНИЯ О ТЕХНИЧЕСКОЙ ГРАНТОВОЙ ПОМОЩИ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ИСЛАМСКИМ БАНКОМ РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «РЕКОНСТРУКЦИЯ АВТОДОРОГИ СУУСАМЫР – ТАЛАС – ТАРАЗ, ФАЗА IV, 104,6-197,6 км», ПОДПИСАННЫХ 12 МАЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ ДЖИДДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 ноября 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Исламским банком развития по проекту «Реконструкция автодороги Суусамыр – Талас – Тараз, фаза IV, 104,6-197,6 км» и Соглашение о технической грантовой помощи между Кыргызской Республикой и Исламским банком развития по проекту «Реконструкция автодороги Суусамыр – Талас – Тараз, фаза IV, 104,6-197,6 км», подписанные 12 мая 2023 года в городе Джидда.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Исламский банк развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанных Кредитного соглашения и Соглашения о технической грантовой помощи.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 12 декабря 2023 года, №204***

## 2023-ЖЫЛДЫН 24-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН САУД ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУНУН ОРТОСУНДАГЫ "СУУСАМЫР – ТАЛАС – ТАРАЗ АВТОЖОЛУН РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО, IV ФАЗА, 104,6-197,6 км" ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 22-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 24-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Сауд өнүктүрүү фондунун ортосундагы "Суусамыр – Талас – Тараз автожолун реконструкциялоо, IV фаза, 104,6-197,6 км" долбоору боюнча кредиттик макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Кредиттик макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Сауд өнүктүрүү фондуна кабарласын.

**3-берене**

Ушул мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №205***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И САУДОВСКИМ ФОНДОМ РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «РЕКОНСТРУКЦИЯ АВТОДОРОГИ СУУСАМЫР – ТАЛАС – ТАРАЗ, ФАЗА IV, 104,6-197,6 км», ПОДПИСАННОГО 24 АПРЕЛЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 ноября 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Саудовским фондом развития по проекту «Реконструкция автодороги Суусамыр – Талас – Тараз, фаза IV, 104,6-197,6 км», подписанное 24 апреля 2023 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Саудовский фонд развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Кредитного соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 12 декабря 2023 года, №205***

АЙТМАТОВДУН 95 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА
www.erkin-too.kg

## Чыңгыз АЙТМАТОВ:

# “КАЙСЫ УЛУТ БОЛБОСУН, АНЫН ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮГҮ ТИЛИНДЕ”

***Кыргыз Эл жазуучулары Чыңгыз Айтматов менен Султан Раевдин 2004-жылы жарыяланган маегин кайрадан гезитибизге жарыялоону туура көрдүк. Анткени, Чыңгыз Айтматовдун арабыздан о дүйнө салып кеткенине он беш жылга чамалаш убакыт өтсө да анын элеси, руху кудум бүгүн да биз менен чогуу-чаран жүргөндөй туюлат. Убакыт өткөн сайын ал ак кар, көк муз кетпеген Улуу тоонун чокусундай бийик, бараандуу көрүнүп, анын ар бир сөзү өзүнүн улуулугун да, салмагын да, тереңин да, маанисин да кемитпей, мезгилдин эмес, замандардын уюткулуу оюна айланып барат. Бул маек бүгүн да актуалдуулугун жоготпогондугу менен маанилүү.***



**Султан РАЕВ:** *– Чыңгыз Төрөкулович, кылым оошуп, азыркы кыл тиштеген оомал-төкмөл дүйнөлүк сахнада адам акылына оңою менен жукук боло бербеген чукул бурулуштардын, кескин өзгөрүүлөрдүн, ал гана эмес, геосаясий тең салмактуулуктун бузулушу, жалпы эле жумуру жерди каптап келаткан глобализация процесси бизди бир саамга акыл чарчытууга, дегеле бул дүйнөлүк будун-чаңда кайра-кайра айланып келип эле өзүбүздүн элибиз, жерибиз тууралуу ой жүгүртүүгө мажбур кылат.*

*Дүйнөлүк өнүгүш желеси алдындан чыккан бардык асыл түшүнүктөрдү каптап, адамзаттын эртеңки күнү, анын болочогу менен келечеги бүдөмүк ойлор бүктөмүндө калып, дүйнө табигый формула менен эмес, кимде күч болсо, ошонун амирине жараша кубулуп турганда, биздин кайрадан карайлаган элибиздин бу глобалдык өңүттөгү тагдыры кызыктырат…*

*Сиз бир жолку телеберүүдө: “Мен улуттун руханий атасындай болгон адаммын” деп айткан элеңиз…. Бу кептин тереңине сүңгүп кирбесек да, мындай бир маселеге токтолушубуз абзел. Ырас, Айтматовсуз улуттук интеллектуалдык ойдун бийиктигин элестетүү кыйын. Бирок бүгүн улут дүйнөлүк мейкиндикте өзүн-өзү идентификациялоо, калыптануу процессин өткөрүп, дегеле эле кошо, өлкө чыныгы руханий асыл ойлоро муктаж болуп жатканда биздин интеллигенциянын, анын ичинде көркөм интеллигенциянын үнү угулбай, алардын ордуна чала сабат “политикандардын” трафареттик, күн карама чиновниктердин флюгердик саясаты басымдуулук кылып турганда, “коом каймактарынын” мынчалык “көнүл позициясын” ээлеши алардын улут алдындагы руханий парзын дагы бир жолу эске салууну каңкуулайт… Аларга айтылуу соцреалистчил жазуучу Горькийдин “Силер ким менен-сиңер, маданият ишмерлери?” деген соболун таштагың келет.*

*Тээ 80-жылдар аягында, коммунисттик режим али өз табында турганда Айтматовдун үнү бүткүл дооордун үнүнө жана улуттун үнүнө айланган… Мына ушул учур десе, эл десе өктөм чыккан үндү бүгүн Сизден жалпы эле өзүн кыргызмын дегендин баары уккусу келет… Сизди азыркы дүйнөлүк глобализация доорунда кыргыз элинин келечеги, тагдыры кандай түйшөнтө салат?..*

**Чыңгыз АЙТМАТОВ:** – Бүгүн дүйнөнүн өзү татаалдашып кетти, биз ойлогондон да башка бир нук менен татаалдашып кетти. Мен бүгүн бул ойду бүгүнкү дүйнөлүк сахнадагы күн сайын эмес, саат сайын өзгөрүлүп турган процесстердин тутумунан улам айтып жатам. Кандай болгон күндө да, адам табияты эң ириде өзүндүн киндик каның тамган жериңи, элиңи, өлкөңү ойлойсуң, анан барып жалпы дүйнө тууралуу акыл калчайсың… Чындыгында биз адамзат доорунун өтө ооош-кыйыштуу чегине келдик. Эми ошондой болгон күндө да, тарыхтын өзгөрмөлүү, кубулмалуу өчөн мисалдарын билсек да, ошол тарыхты жараткан адам, эл дайыма алдыңкы планда турат.

Бир жолку маегимде “Биз дүйнөнү, дүйнө бизди өзгөрттү” деп айтканым бар. Чындыгында турмуш парадоксу ушунда. Кээде адам өз колу менен жасаганды өз жону менен тартат. Глобализацияда акыр барып адам акылынын туундусу болсо да, ал ошол адамдын алдына татаал суроолордун жандырмагын койду. Канткен күндө да глобализация процесси – бул улуу нерсе, бүт дүйнөнү камтыган процесс. Муну бир сөз менен түшүндүрүү кыйын.

Шекспирден тартып Достоевскийге чейин рух шаалары “Адамдагы адамдыкты издеген”… Качан гана биз адам жан дүйнөсүндөгү асылдуулукту, адамдагы адамдыкты сактап калганыбызда гана глобализация процесси пенде жашоосунун келечегине суроолуу чакырык таштабайт. Менин оюмча, бүгүнкү сүреткер, көркөм интеллектуал милдети адам табиятындагы руханий башталышты сактап калууда турат… Ал эми сен айткан эл, жер, өлкө деген түшүнүктөрүбүз бүгүн курулай кыйкырыкка, жылаңач сүйүүгө, көкүрөк каккан патриотизмге муктаж эмес.

Советтик система ойрондолуп, мезгил чарыгы жаңы багытты карай алганы менен ал алдыбызга кыйын маселелердин түйүнүн таштады. Мурдалары локалдык, тоталдык окуялар тээ бизден алыста жүрө берип жаткан көрүнүштөр болсо, эми ал бизге жандаш келип, мурдубуздун учунда дүйнөлүк окуялардын театры ойнолуп жатат. Ал ошол эле Ооганстан, Ирак, НАТОнун кулач жайышы, диний экстремизм… кытай фактору… терроризм… Дүйнө чыңалып, жаңы бурулуштарга ык койду.

Азыр бизди улуттук кууш маселелер гана жарга такабастан, дүйнөдөгү реалдуу картинанын эпкини да ойго салат. Өзүбүзчө мамлекет, эркинбиз дегенибиз менен биздин ой-санаага баш ийбеген, бирок аны менен аргасыз эсептешүүгө мажбур кылган маселелер алдыңкы катарга чыкты. Мындай өңүттөн алып карай турган болсок, алдыбызда толуп жаткан кыйын жагдайлар болушу мүмкүн.

Биз дүйнөгө дүйнөлүк бийиктиктен улам карооо милдеттүүбүз. Ошол ач шамалдай аркырап келаткан кубулуштарга биз чыдап туруштук бере алабызбы?.. Туруштук деген кармашуу эмес, ал акыл таразалаган ааандаштык, саясат, дүйнөлүк сахнадагы биздин жолубуз, багытыбыз, эртеңки күнүбүз кандай болот деген букшүмөл ой… Ким менен, кайсы ой менен бу дүйнөлүк сахнанын океанында бир кайыкта, бир багытта сүзөбүз?.. Бул суроо эчак эле биздин көйгөйүбүздүн орбитасынан чыгып кеткен актуал маселелер деп ойлоймун… Биздин дүйнөлүк интеграцияда ордубуз, алган багытыбыз болушу керек…

Ал эми бүгүнкү татаал дүйнөдө улуттук тар кызыкчылыктын гана маселе-соболу менен жашоо, демек, өзүнду-өзүң бурчка такагандык менен барабар… Элибиздин келечегин эч качан дүйнөлүк реалдуулуктан ажыратып карай албайбыз, бирок андан да ажырай албайбыз… Кайрадан “Деңиз бойлоп жорткон Ала-Дөбөт” повестимдеги “Биз, адамдар баарыбыз бир кайыктабыз, алдыбызда улуу мухит” деген үнгүлүү ойду кайталагым келет… Канткен күндө да ошол адамзат кайыгы бүгүнкү чакчалекей түшкөн замандын толкунуна ала салып кетпесе экен дейбиз. Мына ушул кымгуут кырдаал мамлекетти башка нукка буруп жибербейби? Биз канткен күндө да өзүбүздүн тарыхый, маданий уңгубуздан, улуттук наркыбыздан танбашыбыз керек.

**Султан РАЕВ:** *– Чыңгыз Төрөкулович, глобализациялык процесстер канчалык кулач жайган сайын, анын каршылаштары да чыгып жаткандыгын массалык маалымат каражаттары жазып жатат. Дүйнөдөгү бардык прогресс эле өзүнүн позитивин тийгизе бербейт. Азыркы араны ачылып жаткан маалымат кылымы, нарк экономикасы коомдогу ыйман, руханий чөйрөнү экинчи планга түртүп, адам жан дүйнөсүн руханий кризиске учуратары айданачык билине баштады.*

*Акыркы маалыматтарга таянсак, ушул тапта жер жүзүндө күн сайын улуттар, тилдер жоголуп баратканыгына күбө болсок. Мына ушул ракурстан алып карагандa, ар бир элдин эң ыйык байлыгы бу – тил. Ошол өз тилин көтөргөн элдердин тили күндөлүк турмушта колдонулбай, керектөөдөн чыгып калгандыктан улам жоголуп кеткендигин эчен мисалдар аныктайт. Биз канчалык улуттук тилибиз тууралуу кеп кылбайлы, ал маселе уюткусу тилде гана эмес, тил аркылуу улутту сактап калууда турат.*

*Тилди сактоо иридe улутту сактоо деген түшүнүк менен тең каралa турган маселе. Ал эми улуттук тилди кайсы бир тар кызыкчылыктардан улам саясаттын предметине айлантуу, анын тегерегинде саясий чайкоочулукту жүргүзүү, өз эне тилибизге кылган кыянатчылык деп баалар элек. Чыңгыз Төрөкулович, мына ушул мааниден алып карaганда, Сиздин оюнузча, улуттук тилибиз өлкөнүн расмий турмушунан четтетилип калган жокпу?..*

**Чыңгыз АЙТМАТОВ:** – Тил жөнүндө сөз эң оболу улут жөнүндө сөз дегендик. Кайсы улут болбосун анын түбөлүктүүлүгү тилинде. Кыргыз тили кыргыз баласына эненин сүтү менен бир келген катары кабылданат. Тилге кыянатчылык кылуу – демек, ал улутка кыянатчылык кылган менен тең катар бааланышы керек. Мына биз тилибизди мамлекеттик тил деп жарыяладык, кыргыз тили мамлекеттик тил деп жар салып жатабыз… Ооба, мыйзам боюнча ошондой… Бирок ошол иш жүзүндө болуп жатабы?! Кайсыл жерге келбе – баары орус тилинде.

Мен орус тилин чанып жаткан жерим жок. Орус тилин чанууга эч кандай себеп да жок. Бул улуу дүйнөлүк тил. Биз орус тилин көпүрө, каражат катары пайдаланышыбыз лаазым. Ал эми кыргыз тили бул титулдук элдин тили, бул тил өз кыртышында өнүгө албаса, кайда өнүгөт?.. Коммунисттик системанын тушунда, авторитардык режим өкүм сүрүп турганда эне тилибиздин проблемасын алгачкылардан болуп көтөрүп чыккамын. Анда тил тууралуу сөз кылуу улутчулдук катары бааланган.

Мага а кезде айрым басылмалар “улутчул” деген жарлыкты илип, улуттук тилди сактап калуу тууралуу ойлорумду “штыкка” алышканын баары билет. Бирок улуттук тил маселесин мен жазуучу катары көтөрүп чыкпасам, анда ким көтөрүп чыкмак?! Чындыгын айтайын, улуттук тилибиз үчүн башымды сайып коюуга деле кайыл элем… Тил маселеси азыр деле өз актуалдуулугун жогото элек. Азыр да күрч турат. Тилди сактап калуунун, андан ары өнүктүрүүнүн бирден-бир фактору улуттук тил – мамлекеттик саясаттын негизги атрибуту болуу менен, ал өлкөнүн расмий турмушуна жанаша жашаш керек деп ойлойм.

Өлкөнүн расмий турмушунан, б.а. мамлекеттик бийик деңгээлдеги иш-чаралардан четтетилип калынса, анда ал күнүмдүк турмуш-тиричиликтин гана тили катары гана жашап, өзүнүн жалпы улуттук милдетин жоготот. Тилди өнүктүрүүнүн чоң системасын түзүшүбүз зарыл. Айрымдар улуттук тилибиз саясий, экономикалык, укуктук тил катары калыптана элек деген ойлорду айтат. Бул тек гана улуттук тилдин кадырын түшүрүү деп баалайм. Тил ийкемин ошол деңгээлге көтөрүүгө өзүнчө бир мамлекеттик саясаты, тилдик маданияты, системаны түптөө кажет.

Биз улуттук тилибизге ыңгайлуу чөйрөнү түзмөйүн аны өнүктүрө албайбыз. Тил саясаты бала бакчадан, Жогорку Кеңештерге чейин, өкмөттүк жыйын, протоколдорго чейин жүргүзүлүшү зарыл. Улуттук тилибиз өчөн кылымдар бою ата-бабаларыбыздан бизге жетип келген улуу дөөлөт. Демек, биздин милдет аны кийинки муундарга калтыруу. Эгерде, биз тилибизди ыйык тутуп, кийинки муундарга жеткире албасак, тил гана эмес, улут да жоголуп кетет.

Тил алдындагы жоопкерчилик жөнөкөй букарадан тартып, жогорку бийлик өкүлдөрүнө, Президентке дейре бирдей. Эгер бу жоопкерчиликти сезбесек, анда жакшылык жок… Ырас, улуттук тилдин алкагында эле чектелип калуунун өзү да прогресске алып келбейт. Азыркы өзгөрмөлүү дүйнөдө бир нече тил билүү турмуштук зарылчылык катары бааланат. Мына ушул жагдайдан улам мен мындай бир формула чыгардым: азыр эки үзөңгүнүн заманы, эки үзөңгүнү теминмейин алдыга жыла албастыгыбызды да эстен чыгарбайлы…

**Султан РАЕВ:** *– Чыңгыз Төрөкулович, бир жолу Сиз “кыргыз тили оң колум, орус тили сол колум” деп айтпыңыз эле. Акыркы кезде чыгармаларыңызды “сол колуңуз” менен жаза баштадыңыз, бу сол кол жүрөккө жакын деген түшүнүктөн келип чыккан жокпу?..*

**Чыңгыз АЙТМАТОВ:** – Жок. Азыркы заманда тил – коммуникациянын гана эмес, дүйнө таанымдын башкы куралына айланды. Биз каалайбызбы же каалабайбызбы, көпчүлүк учурда орус тили аркылуу дүйнөнү таанып, дүйнөлүк маалыматтан тартып, дүйнөлүк дөөлөттөргө дейре ушул тил аркылуу аралашып жатабыз. Кеп, эң оболу тилде эмес, дилде. Адам өз тилин дилинде ыйык тутса, ал эч качан үңгү тилин чанып кете албайт. Кыргыз баласына бу эки тил бир куштун эки канатындай. Тил адам ааламынын алака мейкиндигин кеңейткен касиеттүү күч. Кыргыз тили мен үчүн Мекен, эне, киндик кан тамган жер сыяктуу эле ыйыктын ыйыгы. Мен бу турмушта кайсы бир бийиктикке чыгалдым десем аны эне тилимдин улуу духунан көрөм…

**Султан РАЕВ:** *– Чыңгыз Төрөкулович, сөз кадырын сыйлаган элибизде “Бу дүйнөдө эч ким түркүк болалбайт” деген оголе мааниси терең сөз бар. Бу кеп тек гана адам жашоосунда гана эмес, жамы өтөөр, кетээр мезгил, улагалаш келген доорлордун өз мыйзамы тууралуу да ыңгай салып тургансыйт. Мезгил өткөн сайын дөөлөттөр да өзгөрөт, адам таанымы өзүнө башка түшүнүктөр системасынын жаңы мейкиндигин издейт. Жаштардын дөңгөлөгү ушундай экен. Азыр Ромео менен Гарри Поттерди салыштырып болбойт, экөө тең эки башка эстетиканын продуктусу. Бирок ошол маалымат дарыясынын алдуут агымында карайлап бир дарактын бутагын кармап калам дегендин өзү да абсурд…*

*Бир сапар Германиянын Бремен шаарына учуп баратып жанымда олтурган немецтин колунан сиздин китебиңизди көрүп калдым. Менин жеке туюмумда ушул немецтин окумал жүрөгүн имерген жердешим, залкар жазуучуга болгон мендe накта кыргыздык сыймык жаралды. Азыркы Европа ар кандай адабияттардын мухитине айланган интеллектуалдык полис. Айтайын дегеним, ошол чакчалекей түшкөн дүйнөдө тээ алыскы Кыргызстандан чыккан жазуучу кантип окурман сүйүп окуган жазуучуга айланды?*

*Европалык адабий рейтингди изилдеген окумуштуулар Айтматов эң окуму жазуучуга айланганды-гы, ал гана эмес, Франциянын өзүндө гана “Жамийланын” жыйырмадан ашуун жолу кайрадан басылып чыгышы, айтматовдук көркөм чыгармалар бу эски дүйнөнүн мектептеринде дарс катары окулушу эч кандай “оййдон чыккан” иллюзия эмес. Анткени, Европа окурманы эң сынчыл экендигин эске алсак, ким болбосун бу рынокту ээлөө татаал интеллектуалдык конкуренцияны жаратат. Мына ушул тейден турүп Сизге мындай бир суроо бергим келет: улуу атты жаратуу оңой, аны кармап калуу алда канча кыйын… Бу суроону Габриэль Гарсиа Маркеске бергенде, ал бу суроонун биринчи бөлүгү оңой, экинчиси оголе кыйын деп жооп берген эле… А Сиз ага кандай жооп берер элеңиз…*

**Чыңгыз АЙТМАТОВ:** – Эми бу суроонун жообу мени ыңгайсыз абалга түртөт. Бу дүйнөдө Сизге эмне кыйын десе, өзүмө өзүм баа берүү, өзүм жөнүндө айтуу деп жооп берер элем. Эми Европа Финляндиядан тартып, тээ Германияга дейре ар тилде сүйлөгөн индустриалдык мейкиндик, бул аймакта кандай тил болсо, ошол тилдин баарында чыгармаларым чыкты. Арийне, бир жолу чыккан жазуучулар көп, бирок кайра-кайра басылып чыгып жаткан жазуучулар чанда. Алардын катарында менин жазгандарымдын бар экендиги, албетте, мен үчүн сыймык. Европа эч качан авторитетти таанибаган, эч кандай авторитетке карабаган, адамды конкреттүү эмгегинен баалай алган өлкө курамы.

Кудайдын куттуу күнү иш тартибим ар кандай жолугушууларга жык толгон. Ар бир жолугушуу мен үчүн жаңы дүйнөнү ачкандай сезилет. Мунун өзү жандуу байланыш, руханий байланыш. Кай тараздеги жолугушуулар болбосун, эң оболу “Чыңгыз Айтматов Кыргыз жазуучусу” деген кеп айтылат. Бул сөздү өзүм да эшитип, оюмда өз туулган Мекенимди кыялдын күлүк аты менен бир чаап өткөндөй болом. Мындай учурларда ар кыл маанидеги кептер айтылат.

Кыргызстан жөнүндө айтууга туура келет, алар кызыгышат, мен айтам. Ушундай жандуу баарлашуунун аркасы менен европалыктар өзү үчүн тээ алыстагы Кыргызстан тууралуу түшүнүктүн терезесин ачышат. Бирөө угат, экинчисине айтат… ошондон кеп кербендей узарып кетет… Бу сапар да алдын ала ондон ашуун жолугушууларым болжолдонгон. Анын менин котормочум Фридрих Хицер даярдап жатат. Айтайын дегеним, мен Европада тек гана элчи эмес, руханий байланыштын да элчиси катары кызмат өтөйм. Себеби, биз бу эки дүйнөнүн булагын бири-бирибиз үчүн ачышыбыз керек. Ансыз руханий көпүрөнү түзө албайбыз.

*(Уландысы бар)*

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ААЛАМГА КЕТКЕН ЖОЛ АЙЫЛДАН БАШТАЛАТ
www.erkin-too.kg

# КӨК-ОЙРОКТОЙ КӨРКӨМ ЖЕР БАРБЫ...




***Кемин районундагы Көк-Ойрок айыл өкмөтүнүн Кайыңды айылына болгон иш сапарыбызда бир катар жакшы саамалыктарга күбө болдук. Айыл өкмөтү менен жергиликтүү кеңештин айрым жигердүү депутаттарынын демилгелүү иш-аракеттери айылдын ички инфраструктурасын жакшыртууда бир топ алгылыктуу жыйынтыктарды берген. Өтүп бараткан жылы ишке ашырылган долбоорлор, иш-аракеттер тууралуу айыл өкмөтүнүн башчысы Шүкүрбек Абдыкадыров менен маектешип, аткарылган иштерди жеринен көрүп кайттык.***



*Көк-Ойрок айыл өкмөтүнүн башчысы Шүкүрбек Абдыкадыров менен "Катар" кайрымдуулук фондунун директору Фирас Аль Хасауна*

Учурда Кайыңды айылында таза суу долбоорун ишке ашыруу АРИС тарабынан аткарылып жатат. Долбоордун жалпы баасы 33 740 000 сомду түзгөн. Суу киргизүү боюнча иштердин 70 пайызы бүтүп, долбоорду ишке ашыруу улантылып жатат. Долбоор 2023-жылы толук бүтүп, айыл эли таза суу менен камсыз болмокчу. Андан сырткары бала бакча аянтчаларын куруу боюнча "Кемин райондук өнүктүрүү" фонду тарабынан 3,1 млн сом бөлүнүп, колдонууга берилген. Азыркы күндө ал бала бакчада 120 бала тарбияланып, жаңы 24 жумушчу орун түзүлгөн. Аалы Токомбаев атындагы орто мектебинин жылуулук системасын которуу боюнча республикалык бюджеттен 1 472 000 сом жана "Кемин райондук өнүктүрүү" фондунан 2 070 000 сом, жалпысынан 3 542 000 сом бөлүнгөн. Мектептин жылуулук системасы толугу менен которулуп, азыркы күндө иштеп жатат.

Элдин саламаттыгына, жашоо ыңгайына кам көрүү да унутта калбай, таза суу маселесине көңүл бурулуп, Карал-Дөбө айылынын Карал-Дөбө көчөсүнө 2 км аралыктан таза суу киргизүү иштери "Кемин райондук өнүктүрүү" фонду тарабынан каржыланып, 1 128 000 сомго суу киргизүү жумуштары аткарылган. Азыркы күндө суу киргизүү иштери толугу менен бүтүп, ар бир үйдө таза суу чыгып жатат. Карал-Дөбө орто мектебинин спорт залынын полун, эшигинин алдына брусчатка төшөө, тосмолорун жаңыртуу боюнча республикалык бюджеттен 1 288 300 сом жана "Кемин райондук өнүктүрүү" фондунан 1 420 100 сом, жалпысынан 2 708 400 сомго тендер өткөзүлгөн. Азыркы күндө брусчатка төшөлүп бүттү. Мектептин тосмосу салынып, спорт залынын полун которуу иштери аткарылган.

Айыл элинин негизги киреше булагынын орчундуу бөлүгүн түзгөн элдин мал чарбачылыгын жүргүзүүсүн жеңилдетүү жолго коюла баштады. Жайытка баруучу жолдорду оңдоо иштерине айыл өкмөтү тарабынан 120 000 сом бөлүнүп, Көк-Ойрок жайлоосуна баруучу жолдор да талапка ылайык оңдолгон. Жолду оңдоодо айыл тургундарынын жардамы менен шагыл төгүлүп, ДЭП-32 ишканасынын грейдери менен төгүлгөн шагылдарды түздөө иштери жүргүзүлгөн. Андан тышкары Шабдан жана Тегирменти айылдарынын аралыгындагы жолго республикалык бюджеттен бөлүнгөн 11 млн сомго асфальт төшөлгөн.

Иш сапарыбыздын алкагында айыл өкмөтү жергиликтүү кеңештин депутаттары менен биргеликте жеке эле мамлекеттик бюджетти карап олтурбай, ар кандай эл аралык уюмдар менен да тыгыз иштешип, элдин жашоо-шартын жакшыртуунун камын көрүп жатканына күбө болдук. Мына ушундай саамалыктардын бири – "Катар" кайрымдуулук фондунун каржылоосу менен Кайыңды айылынын тургуну, социалдык колдоого муктаж Т.Абдырахмановага жаңы үй салынган. Үй салып берген "Катар" кайрымдуулук фондунун директору Фирас Аль Хасауна да келип, Тынаркүл айымдын кубанычына ортоктош болду. Андан сырткары айыл аксакалдары, айыл өкмөтүнүн бир катар кызматкерлери жана үйдү курууда демилгечи топтун башында турган жергиликтүү кеңештин депутаттары келишкен. Үйдүн курулушу 2023-жылдын май айында башталып, үч ай аралыгында бардык шарты менен толук бүткөрүлүп берилген. Айыл өкмөтү Тынаркүл айымдын жаңы үйүнө салым катары 140 000 сомго турмуш-тиричилик жабдууларын сатып берген. "Катар" кайрымдуулук фонду буга чейин да Кайыңды айылына өз каржылоосу менен 6,5 млн сомго жаңы мечит жана 2,4 млн сомго Тегирменти айылына куран окуу борборун куруп берген.





*Тынаркүл Абдырахманова жаңы үйлүү болду*



**Жергиликтүү кеңештин депутаты Азамат АБЛАСОВ:**

- Негизи "Катар" кайрымдуулук фондунун Кайыңды айылындагы алгачкы иши мечит салып берүүдөн башталган. Мына ошол мечиттин ачылышында социалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө гуманитардык жардам көрсөтүүнү уюштурууну сунуштадык. Мечиттин ачылыш салтанатында элге жардам таратуу менен биргеликте, уюмдун кишилери демилге көтөрүп, эки үй-бүлөгө зыярат жасоону чечишти. Биз Тынаркүл апанын үйүн жана дагы бир үйдү сунуштадык. Жыйынтыгында Кудайдын буйругу менен Тынаркүл апабыз минтип үйлүү болуп олтурат. Эми ушул эле уюмдун жардамы менен айылыбызда бош турган имаратты оңдоо-түзөөдөн өткөрүп, тигүү цехин ачып, жумуш орундарын түзсөкпү деген оюбуз бар. Андан сырткары, айылыбыздагы Жаштар комитети өз демилгелери менен дайыма аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жардам берип турушат. Буга чейин да 2022-жылы Аалы Токомбаев атындагы орто мектебин он жыл мурун аяктаган жаштар демилгелеп, айылыбыздын кире беришине арка курулган. Андан кийин бул жакшы саамалыкты быйыл мектепти бүтүргөндөрүнө он жыл болгон жаштар да уланды. Алар социалдык жактан колдоого муктаж болгон Динара атуу апага үй салып беришти. Айыл тургундарынын жашоо-шартын оңдоодо көптөгөн ой-максаттарыбыз бар" дейт.

Тоо койнунда жайгашкан чакан айылда жакшы иштер ишке ашып жатканын көрүп кубанып кайттык.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

---

# ҮҢКҮРДӨГҮ БИЛИМ же өткөн доордун бүгүнкү жаңырыгы

***Кечээ жакында биринчи агартуучу, кыргыздын совет дооруна чейинки жазма адабиятынын өкүлү, совет доорунда чыгармаларына тыюу салынган Молдо Нияздын 200 жылдык маарекеси белгиленди. Мына ушул маарекеге карата кадамжайлыктар Кызыл-Булак айылындагы кезинде Молдо Нияздын балдарды окуткан 2 бөлмөлүү үңкүрүн оңдоп-түздөп, оригиналдуу маданий жайга айландырып, пайдаланууга беришти. Молдо Нияз Кашкарга чейин барып окуп, өз доорунун билимдүү адамы болгон. Ал Кокон хандыгынын жана андан кийинки мезгилде айылдагы окууга идиреги бар балдарды чогултуп, үңкүрдө сабатын ачып, билим берген экен.***

Молдо Нияз өз кол жазмасы менен 10 китеп жазган, анын 3 китеби биздин күндөргө жеткен. Партиянын учурунда анын чыгармаларына тыюу салынганына карабастан кайра куруунун желаргысы менен академик Абдыганы Эркебаев Молдо Нияз баш болгон реакциячыл адабиятчылар деп айып тагылган кыргыз жазма адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармаларын архивдерден таап кайра карап чыгып, аларга карата көз караштарды өзгөртүүгө опол тоодой эмгек кылганын белгилеп коюубуз кажет. Ошондой эле белгилүү адабиятчы Омор Сооронов да Молдо Нияздын чыгармаларын араб арибинен кыргызчага которуп, чоң эмгек жасаган. Тарыхчы Кыяз Молдокасымовдун айтуусу боюнча анын бизге жеткен чыгармаларында тарыхый мыкты маалыматтар бар. Ал тарых, өлүм жана өмүр, нарк-насил, кыргыздардын аймактары жөнүндө өтө кызыктуу маалыматтарды жазып калтырган.

Кыргыздын биринчи агартуучусу балдарды окуткан үңкүр эми биз үчүн өзүнчө бир тарыхый музей-комплекске айланып, өткөн доордун жаңырыгындай элге кызмат кылмакчы. Аны оңдоп-түзөө иштери жергиликтүү бюджеттен 1 млн сом, райондук өнүктүрүү фондусунан 3 млн сом бөлүнүүсү жана Молдо Нияздын урпактарынын салымы менен ишке ашырылган.

Молдо Нияз Эрназар уулу 1896-жылы өз айылында дүйнөдөн кайткан.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**





Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-ИЮЛУНДАГЫ №302 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ОБЛУСТАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 15-июлундагы №302 "Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү жөнүндө жободо:

- 10-пункттун он үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы менен анын жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысын кызмат ордуна дайындоого ээлеген кызмат ордун бошотууга сунушу боюнча консультация өткөрөт;";

- 15-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Ыйгарым укуктуу өкүлдүн биринчи орун басарынын (орун басарынын) кызмат ордун жогорку билими, мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат орундарында жалпысынан 5 жылдан кем эмес, анын ичинде жетектөөчү кызмат орундарында 3 жылдан кем эмес иш стажы бар адамдар, ошондой эле иштин башка чөйрөлөрүндө 5 жылдан кем эмес жетектөөчү иш тажрыйбасы бар адамдар ээлей алат.".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 13-декабры, ПЖ №342***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 25-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №648 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ СОТТУК-ЭКСПЕРТТИК КЫЗМАТТА СОТТУК ЭКСПЕРТИЗАЛАР ЖҮРГҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматтын ишин андан ары өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы №648 "Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматта Соттук экспертизалар жүргүзүү жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбуладагы "Мамлекеттик соттук-эксперттик" деген сөздөр "Соттук-эксперттик" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматта соттук экспертизалар жүргүзүү жөнүндө нускамада:

- төмөнкүдөй мазмундагы 1[1]-пункт менен толукталсын:

"1[1]. СЭК төмөнкүдөй багыттар боюнча соттук экспертиза жүргүзөт:

1) автотехникалык экспертиза;

2) баллистикалык экспертиза;

3) видеотехникалык экспертиза;

4) жарылууга техникалык экспертиза;

5) компьютердик-техникалык экспертиза;

6) материалдардын, заттардын жана буюмдардын криминалистикалык экспертизасы;

7) лингвистикалык экспертиза;

8) кол жазма таануу экспертизасы;

9) өрт-техникалык экспертиза;

10) психологиялык экспертиза;

11) дин таануу экспертизасы;

12) курулуш-техникалык экспертиза;

13) документтердин техникалык экспертизасы;

14) трасологиялык экспертиза;

15) транспорттук-трасологиялык экспертиза;

16) фоноскопиялык экспертиза;

17) экономикалык экспертиза.";

- 8-пунктта:

бешинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Документтердин түп нускалары жоголгон же жок кылынган учурда аталган документтердин экспертиза дайындаган орган (жак) тарабынан белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү берилет.";

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Эксперттик изилдөө объекттеринин аныктыгына жана жол берилгендигине экспертиза дайындаган орган (жак) кепилдик берет.";

- 14-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"14. Эгерде изилдөө объектин СЭКге ташып жеткирүү мүмкүн болбогон учурда, соттук экспертиза дайындаган орган же жак экспертти экспертиза объектине жеткирүүнү, ага тоскоолдуксуз жетүүсүн жана изилдөө жүргүзүү үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылат.";

- 36-пунктта:

тогузунчу абзацта "үч же андан көп изилдөө объектилери " деген сөздөр "татаал жана көп объекттик изилдөөлөр" деген сөздөргө алмаштырылсын;

онунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Экспертиза жүргүзүү эксперт кошумча материалдарды берүү жөнүндө өтүнүч жиберген учурда 10 (он) жумуш күндөн ашпаган мөөнөткө токтотулуп турат.";

- 37-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"37. Экспертиза жүргүзүү мөөнөтү ал экспертке тапшырылган күндөн тартып эсептелет. Эгерде экспертиза жүргүзүүнүн белгиленген мөөнөтүнүн акыркы күнү жумуш эмес күнгө туура келсе, мөөнөтү акыркы күн болуп андан кийинки жумуш күн эсептелет.";

- 42, 43, 49-пункттарда ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү "канцелярия" жана "кеңсе" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдө "регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- Нускаманын 2-тиркемесинде:

"кеңсеге" деген сөз "регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнө" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №660***

## "АКЫЛМАН" ПРЕЗИДЕНТТИК ЛИЦЕЙИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Таланттуу жаштарды мындан ары колдоо жана сыйлоо, Кыргыз Республикасында интеллектуалдык жактан өнүккөн муунду өстүрүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** "Акылман" президенттик лицейи" мекемеси (мындан ары - "Акылман" лицейи) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин карамагынан чыгарылсын.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) "Акылман" лицейи түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Президентине баш иет;

2) "Акылман" лицейин каржылоо толугу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунун эсебинен жүргүзүлөт;

3) "Акылман" лицейинин жогорку башкаруу органы болуп Көзөмөлчүлүк кеңеши эсептелет, Кыргыз Республикасынын Президенти анын төрагасы болуп саналат.

Көзөмөлчүлүк кеңешинин түзүмү, компетенциясы, түзүү тартиби, мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү, алардын чечимдерди кабыл алуу тартиби "Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилүүчү Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө жобо менен аныкталат.

**3.** "Акылман" лицейинин ишинин укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Президентинин актылары, Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылары жана устав түзөт.

"Акылман" лицейинин иши эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүү жогорку билимдүү интеллектуалдык бүтүрүүчүлөрдү тарбиялоого мүмкүндүк берүүчү кыргыз жана дүйнөлүк билим берүү системаларынын мыкты салттарын айкалыштырган орто билим берүүнүн инновациялык моделин түзүүгө багытталган.

**4.** "Акылман" лицейи өзүнүн ишин төмөнкүдөй принциптерде жүзөгө ашырат:

1) академиялык эркиндик;

2) билим берүүнү, илимди жана өндүрүштү интеграциялоо;

3) автономиялуулук жана өз алдынча башкаруучулук;

4) чечимдерди кабыл алуунун коллегиялуулугу;

5) социалдык жоопкерчилик жана айкындуулук.

**5.** "Акылман" лицейинин директору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы менен макулдашуу боюнча 2 жумалык мөөнөттө төмөнкүлөрдү бекитүүгө киргизсин:

- "Акылман" лицейинин уставынын долбоорун;

- "Акылман" лицейинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин курамын.

**6.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы белгиленген тартипте 2024-жылга "Акылман" лицейин күтүүгө чыгымдардын сметасын 136 541 830 (бир жүз отуз алты миллион беш жүз кырк бир миң сегиз жүз отуз) сом суммасында бекитсин.

**7.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-июнундагы №154 "Акылман" президенттик лицейи жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункттун 2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу, анын ичинде "Акылман" лицейи тарабынан жүзөгө ашырылуучу сатып алууларды мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү улуттук режимден алып салуу боюнча башка чараларды көрсүн.

**9.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**10.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 14-декабры, ПЖ №343***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 10-ДЕКАБРЫНДАГЫ №300 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН ВЕДОМСТВОЛУК БӨЛҮМДӨРҮНҮН ЖАНА УЮМДАРЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе борбору" мамлекеттик ишканасынын уставында:

- 28-пункт, 67-пункттун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 68-пункттун биринчи абзацында "Байкоочу кеңештин чечими боюнча" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңеши жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 30-октябрындагы №756 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 25-мартындагы №149 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңеши жөнүндө" токтомуна өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-февралындагы №67 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңеши жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-июлундагы №433 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңеши жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-февралындагы №59 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңеши жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №528 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңеши жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №661***

# КЫШ МЕЗГИЛИНДЕ ӨРТ КООПСУЗДУГУН САКТАЙЛЫ

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Бишкек шаары боюнча башкармалыгынын №11 өрткө каршы куткаруу бөлүгү кышкы өрткө кооптуу мезгилде өрттүн чыгышынын алдын алуу үчүн өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо зарылдыгын эскертет.

Борбор калаанын аймагында 2023-жылдын 1-январынан тартып бүгүнкү күнгө чейин 596 өрт кырсыгы катталып (2022-жылы 408), өткөн жылга салыштырмалуу өрттөр көбөйгөн. Өрттөн келип чыккан материалдык чыгымдар 605 309 017 сом түздү. Өрттөн 5 адам каза болсо, анын ичинен бирөөсү жаш бала.

2023-жылдын 11 айында Бишкек шаардык башкармалык тарабынан өрттүн алдын алуу жаатында өрткө каршы бир катар үгүт иштери аткарылды. Маалымат каражаттарына 35 макала жарыкка чыгып, 25 теле жана 451 радио берүүлөр уюштурулган. 622 жолу 33717 адамды камтыган өрткө каршы нускоолор, лекциялар уюштурулду. Кыш мезгили өрттүн чыгышы үчүн кооптуу.

**А.БЕГАЛИЕВ, №11 өрткө каршы куткаруу бөлүгүнүн капитаны**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2018-ЖЫЛДЫН 26-ОКТЯБРЫНДАГЫ №503 “ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ДОЛБООРЛОРДУН ИШИНИН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ ТҮРЛӨРҮН (ЭКОНОМИКА СЕКТОРЛОРУН) БЕЛГИЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №3 “Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 26-октябрындагы №503 “Инвестициялык долбоорлордун ишинин артыкчылыктуу түрлөрүн (экономика секторлорун) белгилөө жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы $1^2$-пункт менен толукталсяын:

“$1^2$. Бажы бирлигинин Комиссиясынын 2009-жылдын 27-ноябрындагы №130 чечиминин 7-пунктунун 7.1.11-пунктчасы менен белгиленген тарифтик жеңилдиктер 2018-жылдын 26-октябрынан тартып ушул токтомдун $1^1$-пунктунда белгиленген шарттарды сактоодо юридикалык жана жеке жактарга, инвестициялык долбоорлордун, иштин тиешелүү артыкчылыктуу түрлөрүнүн (экономика секторлору) реестрине киргизилген эркин экономикалык зоналардын субъекттерине колдонулат деп белгиленсин.”;

2) жогоруда аталган токтомдун тиркемесинде:

- эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы 8-пункт менен толукталсын:

“8. Инвестициялык долбоорлорду реестрге киргизүү Евразия экономикалык биримдигинин тышкы экономикалык иштин товардык номенклатурасынын коддору (коддук белгилөөнүн 10 разрядынын деңгээлинде) каралгандан жана жактырылгандан кийин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан жүргүзүлөт.”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №659***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЭНЕРГЕТИКА ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 16-февралындагы №26 “Өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө илимдин салымын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту” мекемеси “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика илимий-изилдөө институту” мекемеси болуп кайра аталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-ноябрындагы №242 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы бекитилгендигине байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 4-пункттун 25-пунктчасында “Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту” деген сөздөр “Энергетика министрлигине караштуу Энергетика илимий-изилдөө институту” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №247 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин башкаруу схемасында:

- “Энергетика жана экономика илим-изилдөө институту” деген сөздөр “Энергетика илимий-изилдөө институту” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун 4-пунктчасында “жана экономика” деген сөздөр алып салынсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту жөнүндө жободо:

- аталышында “жана экономика” деген сөздөр алып салынсын;

- 1-пунктта:

биринчи абзацта “жана экономика” деген сөздөр алып салынсын;

экинчи абзацта “Энергетика министрлигине караштуу Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту” деген сөздөр “Энергетика министрлигине караштуу Энергетика илимий-изилдөө институту” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5. Институттун толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика илимий-изилдөө институту”;

- расмий тилде: “Научно-исследовательский институт энергетики при Министерстве энергетики Кыргызской Республики”.

Институттун кыскартылган фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: “ЭИИИ”;

- расмий тилде: “НИИЭ”.

Институттун уюштуруу-укуктук формасы: мекеме.”;

- 8-пунктта “жана экономиканын реалдуу секторун” деген сөздөр алып салынсын;

- 9-пунктта:

экинчи абзацта “жана экономиканын реалдуу секторун” деген сөздөр алып салынсын;

үчүнчү-бешинчи абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

он жетинчи абзацта “жана экономикалык” деген сөздөр алып салынсын;

- 11-пунктта:

мамлекеттик тилдеги экинчи, онунчу, отуз биринчи абзацтарда “жана экономиканын реалдуу секторунун”, “жана экономиканын реалдуу секторундагы” деген сөздөр алып салынсын;

расмий тилдеги экинчи, онунчу, отуз биринчи абзацтарда “и реального сектора экономики” деген сөздөр алып салынсын;

алтынчы абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

он биринчи, он экинчи абзацтарда “жана экономика” деген сөздөр алып салынсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №662***

## ПЕСТИЦИДДЕР ЖАНА АГРОХИМИКАТТАР МЕНЕН КООПСУЗ ИШТӨӨНҮ МАМЛЕКЕТТИК КӨЗӨМӨЛДӨӨ ЖАНА КОНТРОЛДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 10-беренелерин ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Пестициддер жана агрохимикаттар менен коопсуз иштөөнү мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Пестициддерди жана агрохимикаттарды жок кылуу жана кайтаруу боюнча чараларды көрүү тартиби 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Пестициддер жана агрохимикаттар менен коопсуз иштөөнү мамлекеттик көзөмөлдөөчү жана контролдоочу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыялан күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 12-декабры, №664***

Кара-Суу райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмү

**жоопкер Камбаров Исламидин Жантороевич тарабынан күрөөгө коюлган Кара-Суу районундагы Мады а/а, Кыргыз-Чек айылы, Жаштар-4 көчөсү №12 иден. коду №5-04-10-1001-0683 сандуу болгон турак жайды башталгыч баасы 1 302 000 (бир миллион үч жүз эки миң) сом наркта биринчи жолу эл алдында өтүүчү соода-сатыкка (аукционго) коёт.**

Сатык **2024-жылдын 17-январь күнү саат 10.00дө** мүлк жайгашкан даректе өткөрүлөт.

Аукционго катышуу үчүн башталгыч баадан **5%** шерт пул алдын ала төлөө менен калган сумманы сатып алуучу протоколго кол коюлгандан кийин жети күндөн кечиктирбестен аукциондун башталышынын алдында төгүлгөн шертпулдун суммасын кошуу менен мүлктүн сатып алынган наркын толук төлөөгө тийиш.

**Сурап-билүү үчүн Кара-Суу райондук САКБга кайрылсаңыздар болот, тел.: (0777) 91-00-14.**

5% төлөнүүчү эсеп
1. "РСК Банк" ААК Кара-Суу өкүлчүлүгү;
2. Алуучу банк: КРФМ борбордук казынасы (бардык төлөмдөр үчүн)
3. Э/с. 4407042100000140, БИК 440001
4. Алуучу: Кара-Суу райондук САКБ.
5. Төлөм коду: 14238900.

*Кара-Суу райондук САКБнын сот аткаруучусу: Маматов А.*
К. Ош

**Утерянные бухгалтерские документы ТСЖ “Хронос 105” просит вернуть за вознаграждение.**
**Тел.: (0556) 02-83-70.**
Н-465

*Токтогул шаарынын тургуну Орунбасарова Гүлнара Кадыркуловнага тиешелүү мам. актысы сериясы Ч №985080, 985087 (14.06.2021-жылы берилген) коду: 3-07-01-1002-3625-3624 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П-493

*В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №447 на имя Озерова Николая считать недействительным.*
Н-454

*Ноокат районуна караштуу Көк-Жар айыл өкмөтүнүн Сарканды айылынын тургуну Жороев Таалайга таандык мам.актысы сериясы Ч №116432 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П-448

*Суу чарбасынын объектилерин куруу боюнча дирекциясына берилген №0006145 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Н-464

*Турсунова Кулсарага тиешелүү мам.актысы сериясы Ч №337723 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Н-461

*Токторбаев Бектурсун Жунусовичке таандык жеке ишкердик күбөлүгү ОКПОсу 31109819, ИНН 21706198900744 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
К. Ош

*Исманкулов Эсен Бейшеновичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүгү код ОКПОсу 24481010, ИНН 22510119750097 9 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Н-457

*Душеналиев Султанбек Джаманбаевичке тиешелүү мам.актысы №693406 (11.01.2017-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
Н-458

*В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Кадырова Акылай Усенакуновна код ОКПО 30550695, ИНН 10304196600610 считать недействительным.*
Н-463

*Айтматов районундагы Ак-Чий айыл өкмөтүнө караштуу Жоон-Дөбө айылынын тургуну Барпиев Аязкул Осконбаевичке тиешелүү сериясы Ч №259706 мам. актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П-017

*В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №1103 на имя Мищенко Ивана Алексеевича считать недействительным.*
Н-455

*В связи с утерей гос.акта серия Ч №552715 на имя Абсадыковой Шайзады Галымжановны считать недействительным.*
Н-422

*Абдрахманова Уулканга таандык үйдүн мам. актысы №278877 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
П/П-185

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## "Бай-Түшүм" Банк ачык акционердик коому. Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун чечими.

БТБ БАЙ ТУШУМ БАНК

Чогулуштун өткөрүлгөн жери: **Бишкек шаары, Үмөталиев көчөсү, 76 дарегиндеги "Бай-Түшүм" Банк ААКнын башкы офиси.**
Өткөрүлгөн күнү: **2023-жылдын 14-декабры**. Чогулуш –**кезексиз, ачык**.
Чогулуштун башталышы **саат 10.00**. Чогулуштун кворуму: **92,8395%**

**КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР, КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМИ.**

1. **"Бай-Түшүм" Банк ААКнын кезексиз жалпы чогулушунун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.**
**Кабыл алынган чечим:** *Эсептөө комиссиясы төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:* Кованов Александр Васильевич – "Тесесат" ЖАКтын башкы директору, Банк акцияларынын көз карандысыз кармоочусу – эсептөө комиссиясынын төрагасы; Абдыкеримова Толгонай Токтосуновна, Валитова Найля Анваровна.
***Добуш берүүнүн жыйынтыгы: 7 334 344 добуштун саны***
***Катышкан акционерлердин добуштарынын 100%ы***
2. **"Бай-Түшүм" Банк ААКнын уставдык капиталын "Бай-Түшүм Банк" ААКнын жүгүртүүдөгү жөнөкөй акцияларынын санын көбөйтүү жолу менен көбөйтүү жөнүндө.**
**Кабыл алынган чечим:** *"Бай-Түшүм Банк" ААКнын уставдык капиталын "Бай-Түшүм Банк" ААКнын жүгүртүүдөгү жөнөкөй акцияларынын санын көбөйтүү жолу менен көбөйтүү жөнүндөгү чечими бекитилсин.*
***Добуш берүүнүн жыйынтыгы: 7 334 344 добуштун саны.***
***Катышкан акционерлердин добуштарынын 100%ы***
3. **"Бай-Түшүм" Банк ААКнын кошумча чыгарылган жөнөкөй акцияларын жабык жайгаштыруу жөнүндө.**
**Кабыл алынган чечим:** *Күн тартибиндеги №2 маселе боюнча акционерлер калыс калууну чечкендиктен күн тартибиндеги №3 маселе каралган жок.*
***Добуш берүүнүн жыйынтыгы: 7 334 344 добуштардын саны***
***Катышкан акционерлердин добуштарынын 100%ы***
4. **"Бай-Түшүм" Банк ААКны мамлекеттик органдарында кайра каттоодон өткөрүү жөнүндө. "Бай-Түшүм" Банк ААКнын Уставынын жаңы редакциясын бекитүү тууралсында.**
**Кабыл алынган чечим:** *1. "Бай-Түшүм" Банк ААКнын Уставынын жаңы редакциясы бекитилсин. 2. "Бай-Түшүм" Банк ААКсы мамлекеттик органдарда кайрадан каттоодон өткөрүлсүн.*
Эскертме, "Бай-Түшүм" Банк ачык акционердик коомунун уставдык капиталынын көбөйүшүнө жана ачык акционердик коомунун уставынын жаңы редакциясын бекитүүгө байланыштуу мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү үчүн берилген протоколдордо жана документтерде камтылган маалыматтар "Бай-Түшүм" Банк ачык акционердик коому ишенимдүү жана кайра каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик органдар менен белгиленген тартипте макулдашылган.
***Добуш берүүнүн жыйынтыгы: 7 334 344 добуштун саны***
***Катышкан акционерлердин добуштарынын 100%ы***
5. **"Бай-Түшүм" Банк ААКнын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.**
